Илимий таанып-билүүдөгү изилдөөлөрдө «Боз үйдүн» уникалдуулугу – ага уулуу курт-кумурскалардын жакындай албагандыгы далилденүүдө. Себеби боз үйдүн кийизи койдун жүнүнөн даярдалып, бул жаныбарлар курт-кумурскалар менен азыктанышат. Ошондуктан кийиздин жытынан курт-кумурскалар качышат деген маалыматтар жок эмес.

Боз үйдүн кийизи өрткө чыдамдуу келет. Таанып-билүүдө эмпирикалык билимдерден, боз үйгө чагылгандын түшкөн эместиги белгиленет. Анткени анын жасалгалоосунда бир да металл иштетилген эмес. Ошондой эле элибиз байыртадан үйдүн эшигин күн чыгыш тарапты каратып тигишкен, ал эми түндүгү жарык берүүчү жана түтүн чыгарылуучу боз үйдүн бөлүгү болуп саналган. Түндүк тирүүлүктүн, жашоонун маңызы болгон. Түн ортосу жылдыздарга көз салып, байкоо жүргүзүп, асман мейкиндигине таңданып, кыялдануунун жана прогноздоонун картинасына айланган. Ошондуктан кыргызда «түндүгүң түшпөсүн», «түндүгүңдөн түтүн буласын», «бир түндүктөн күн көр» деген философиялык көз караштагы накыл кептер арбын айтылган.

Боз үйдүн жыгачын коздоодо, түрдүү түстөгү боёкторду даярдоо ыкмаларын изденишип, минералдардан жасалган кошулмаларды, өсүмдүктөрдөн алынган түстөрдү колдонушкан. Мисалы, жошо кызгылт, күрөң же кочкул түстүү топурак, чопо сыяктуу курамы минералдардан турган зат болуп эсептелет. Жошо боёгу жыгачтын структуралык бузулуусун алдын алып, андан жасалган буюмдун канчалык көп пайдаланылганына карабастан, жалтырак

түсүн жоготкон эмес. Жошо көбүнчө таштардын боорунан жана жошолуу булактарда болот. Таанып-билүүдө анын сырткы катуу катмары алынып салынып, ички таза бөлүгүн сууга эритип, кездемеге жугузуп жыгач бетине сүртүлөт. Бул боёкту жугузбоо үчүн, койдун боору, көк боору же жылуу каны пайдаланылган [3, 35-б]. Мында боёктун сапаты сакталып, жылтырак түс берип турган. Жыгачка сүртүлгөн жошо көк боор, жылуу канды өзүнө сиңирип алып, боёлгон буюмдун көп жылдык функциясын шарттаган. Таанып-билүүдө көк боордун ордуна ун, жарма менен ачытылып колдонулгандыгы да айтылат.

Ал эми элдик кол өнөрчүлүктө териге, жүнгө, кездемеге түс берүүдө, өсүмдүктөрдөн алынган ар кандай боекторду иштетүүнүн салттуу тажрыйбалары муундан-муунга берилип келген. Таанып-билүүдө кыргыздардын кооз түстөрдү тандоосу, тоолуу жана адырлуу түздүктөрдөгү флоранын түрдүүлүгүнө оптимисттик маанайда карап, алардын эстетикалык табитинин өрчүшү менен түшүнүүгө болот. Байыркы кыргыздардын күнүмдүк үй-тиричилигинде буюмдардын кооздолушунда, түстөрдүн түрдүүчө колдонулушун байкоого болот. Мында жүндү, кездемени сары өңгө келтирүүдө көбүнчө чычырканактын тамыры, тоо гүлдөрү пайдаланылган. Ышкындын кургатылган тамырынан кочкул сары, чие чөптүн тамырынан кызыл, пияздын кургак кабыгынан кызгылт сары, козу кулактын жалбырагынан кочкул кызыл, карагайдын кургатылган кабыгынан жана шилбинин кургатылган кабыгынан сары түстөрүн алышкан. Таанып-билүүдө боёк даярдоонун чебер адистери өсүмдүктөрдүн сабагын, тамырын, жалбырагын жана кабыгын кечки убактарда жыйнаган. Түштөн кийин жыйналган өсүмдүк бөлүктөрү сапаттуу болушун, кыргыздар эмпирикалык билимдеринин негизинде аныктай алышкан. Өсүмдүктөрдөн жыйналган боёк каражаттары күн тийбеген, көлөкө жерлерде кургатылган. Мындан башка жергиликтүү өсүмдүктөрдөн – ышкын, чүкүрү, анар, жапайы тал, карагай өсүмдүктөрү колдонулган [3, 38-б].

Дүйнөнү таанып-билүүдө кыргыз эли мекендеген географиялык чөйрө дээрлик баалуу өсүмдүктөргө бай келет. Ошол флора системасынын дарылык касиетин, боёк алууда, тоют катары колдонуу чөйрөлөрүнүн кенен мааниси, бизге жеткирилген энциклопедиялык мурас болуп саналат. Таанып-билүүдө составдык бөлүгү боёкторго ээ болгон бир нече дарак мөмөлөрүн атоого болот: «грек жаңгагынын жалбырактарында юглондо жеңил кычкылдануучу α-гидроюглон, β-гидроюглон, флавоноиддер, аскорбин кычкылы В1,Р витаминдери, ийлөөчү заттар, каротин, боёочу заттар жана эфир майлары кармалат. Кара арчанын жалбырактарында, кабыгында жана жетиле элек тобурчактарында боёочу заттар бар. Ошондой эле саур арча жана карагай арчанын мөмөсүндө кант жана боёочу заттар дагы бар» [8, 218-б] деген изилдөөлөр тастыкталат. Демек, таанып-билүүдө кыргыздардын ар түрдүү түскө болгон кызыгуусу, табият сулуулугун жашоодо реалдуу чагылдыруу аракетинен келип чыккан десек жаңылышпайбыз. Ошондой эле жаратылышты адекваттуу чагылдыруу аракетинин далили десек болот. Илимий таанып-билүүдө «этно-ландшафтык» детерминация байланышы иликтенет. Чыгыш таануучу Л.Н.Гумилёвдун ою боюнча, географиялык шарттар аймактын жашоочуларын изденүүгө түртүп, анда жүрүм-турумдун этникалык стереотиби деп аталган, адаптивдүү ыктарын калыптаган [4, 39-б]. Автордун пикирине ылайык, сырткы чөйрөнүн таасири адамдардын эволюциясында чоң роль ойногондугу баарыбызга маалым. Ар бир улуттун таанып-билүүсү, дүйнөгө көз карашы, алар жайгашкан географиялык шартка байланыштуу болот. Таанып-билүүдө табияттын кооздугуна, кубулуштарына таңыркоо сезимдери элдик оозеки чыгармаларда сүрөттөлгөн. Муундан-муунга өтүп келген

кайталанбастык сапаттагы салттуу билимдер, коомдун өнүгүүсү үчүн жаңы альтернативаны тандап алууда салымы чоң деп айтуу ынанымдуу.

Боз үй — кыргыз элинин көчмөн маданиятынын көп кырдуу чагылышы катары, жалаң гана турак жай катары эмес, руханий, философиялык жана социалдык түзүлүштү символдоштурган уникалдуу архитектуралык форма болуп саналат. Анын тегерек формасы — ааламдын биримдиги, ортосундагы түндүк — космостук туруктуулуктун символу, ал эми ички иреттүүлүк — коомдун, үй-бүлөнүн, жаратылыш менен болгон өз ара мамиленин түзүлүшүн таанытат.

Заманбап философиялык жана антропологиялык изилдөөлөр боз үйдү мейкиндик катары эле эмес, дүйнө таануунун тартиби катары чечмелеп жатышат. Учурдагы символдук интерпретация, структуралисттик жана герменевтик мамилелер боз үйдү “коддолгон мейкиндик” катары кабыл алып, анын ар бир элементи элдин тарыхый эс тутумуна жана дүйнө таанымына байланыштуу экенин баса белгилешет.

Мындан тышкары, XXI кылымдагы архитектуралык жана экологиялык ой жүгүртүүлөр да боз үйгө жаңычыл көз караш менен карап, аны жашоого ыңгайлуу, экологиялык жактан туруктуу жана маданий өзгөчөлүккө бай модель катары баалап жатышат. Бул салттуу турак жай формасы улуттук аң-сезимдин символу болуу менен бирге, келечектеги маданий идентификация жана экологиялык архитектура үчүн да зор потенциалга ээ.

Ошентип, боз үйдү кыргыз элинин дүйнөнү таанып-билүүсүндөгү философиялык жана архитектуралык символ катары изилдөө — салттуу билимдерди, руханий баалуулуктарды жана заманбап илимий көз караштарды айкалыштыруу аркылуу улуттук мурасты тереңирээк түшүнүүгө жол ачат.

**Адабияттар**


1. Абрамзон, С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. — Бишкек: «Кыргызстан – Сорос» фонду. — 1999. — 896 б.
2. Айтматов, Чыңгыз. Чыгармаларынын жыйнагы. — Бишкек: Бийиктик. —2008. — 2-т.: Повесттер, аңгемелер. — 432 б.
3. Акматалиев, А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү: колдонмо. — Бишкек:  Кыргызстан. — 1996. — 328 б.
4. Гомбожапов, А. Д. Кочевые цивилизации Центральной Азии в трудах Л. Н. Гумилева. — Улан-Уде: Изд-во БНЦ СО РАН. — 2010. — 148 с.
5. Жусупов, К. Байыркынын издери. — Бишкек: Турар. — 2017. — 448 б.
6. Кулубаева, Д. Кыргыз боз үйүнүн келип чыгышы же алачыктан боз үйгө чейинки жол // Гуманитарные проблемы современности: науч. тр. молодых ученых. — Бишкек. — 2013. — Вып. 17. —  33-36-б.
7. Манас: кыргыз элинин баатырдык эпосу / Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. — Бишкек: Кыргызстан. — 1995. –  II - китеп. — 448 б.
8. Саша Айзенман, Давид Э. Зауров, Кайыркул Т. Шалпыков, Лена Струве. Орто Азиянын дары өсүмдүктөрү: Өзбекстан жана Кыргызстан. — Бишкек: [б-сыз]. — 2014. — 432 б.

9. Тогусаков, О. А. Кыргыздардын каада-салттарынын онтологиясы. — Бишкек: [б-сыз]. — 2016. — 192 б.
10. Курбанбаев, К. А. Кыргыздардын жасалга-колдонмо өнөрүндө философиялык идеялардын чагылдырылышы / К. А. Курбанбаев, Д. А. Ыразаков, Б. М. Ашыралиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 1, No. 3. – P. 303-310. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_303. – EDN DFNXWQ.
11. Райимбердиев, Ы. А. Оюн аркылуу этнодидактикалык билим берүүдө ата-эненин ролу / Ы. А. Райимбердиев, Ж. Ж. Максутова // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 450-458. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_450. – EDN JPIQEQ.
12. Курбанбаев, К. А. Кыргыздардын жасалга-колдонмо өнөрүндө философиялык идеялардын чагылдырылышы / К. А. Курбанбаев, Д. А. Ыразаков, Б. М. Ашыралиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 1, No. 3. – P. 303-310. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_303. – EDN DFNXWQ.
13. Мамытова, А. Б. Этнографические исследования культуры кыргызского народа в период Кокандского ханства: основные черты и акцент / А. Б. Мамытова, Ч. Т. Сатыбалдиева, А. Б. Исраилова // Вестник Ошского государственного университета. История. – 2024. – № 1(4). – С. 174-185. – DOI 10.52754/1694867X_2024_1(4)_22. – EDN SQAWOR.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(5)/2025, 64-70

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 37.015**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_1(5)_9

# ЗАЛКАР МАНАСЧЫ ЖУСУП МАМАЙ

ЖУСУП МАМАЙ – ВЕЛИКИЙ СКАЗИТЕЛЬ ЭПОСА “МАНАС”

JUSUP MAMAI THE GREAT MANASCHI

**Итигулова Ж.К.**
*Итигулова Ж.К.*
*Itigulova Zh.K.*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr., Associate Professor, Osh State University*

---

**Сагынбай кызы Айымгүл**
*Сагынбай кызы Айымгүл*
*Sagynbay kyzy Aiumgul*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master’s student, Osh State University*

# ЗАЛКАР МАНАСЧЫ ЖУСУП МАМАЙ

**Аннотация**

Кытайдын Шинжаң аймагындагы Кызыл-Сууну кыргыз облусу кылып жүздөгөн кыргыз мекендеп калган. Биз сөз кыла турчу залкар манасчы маркум Жусуп Мамай атабыз, макалада анын басып өткөн өмүрүнө, рухий мурасына кайрылабыз. Арийне, өзүнүн өткөнүн, бабалардын тарыхын, маданий мурасын билбеген, аны унуткан элдин келечек тагдыры тайкы болорун турмуш практикасы көргөзүп келет. Доор жаңырса өткөн тарых биротоло жиксиз жоголбойт, анын баа-баркын чындап билсе, кадырына жетсе, кийинки муунга баа жеткис кенч, даңгыр жол экенин айтабыз.

***Ачкыч сөздөр:*** Үркүн, Манас, эпос, маданият олуя, мурас, аян, санжыра

## *ЖУСУП МАМАЙ – ВЕЛИКИЙ СКАЗИТЕЛЬ ЭПОСА “МАНАС”*

**Аннотация**

В районе Кызыл-Суу в Синьцзяньском регионе Китая обосновались сотни кыргызов, сделав его кыргызской областью. В данной статье мы говорим о легендарном сказителе эпоса «Манас», покойном Жусупе Мамае, обращаясь к его жизненному пути и духовному наследию. Действительно, жизненная практика показывает, что народ, который не знает своего прошлого, истории предков и культурного наследия, и забывает об этом, сталкивается с неопределённым будущим. Но даже если времена меняются, история не исчезает бесследно, если её истинную ценность осознают и уважают, она становится бесценным наследием и верной дорогой для будущих поколений.

***Ключевые слова:*** Уркун, Манас, эпос, культура, наследие, божественное видение, родословная

## *JUSUP MAMAI THE GREAT MANASCHI*

**Abstract**

Hundreds of Kyrgyz people have settled in Kyzyl-Suu, making it a Kyrgyz region within China’s Xinjiang province. In this article, we discuss the legendary Manas epic teller, the late Jusup Mamai, reflecting on his life and spiritual legacy. Indeed, life experience shows that a nation that forgets its past, its ancestors' history, and its cultural heritage faces an uncertain future. Even as times change, history does not completely disappear; if its true value is understood and appreciated, it becomes an invaluable treasure and a clear path for future generations.

***Keywords:*** Urkun, Manas, epic, cultural sage, heritage, divine vision, genealogy

Дүйнөдөгү даректүү жазмаларда байыркы деп бааланган уюткулуу кыргыз эли эзелтен оозеки чыгармаларга, тарыхый, адабий мураска бай. Бери дегенде жыйырма үч кылымдан ашуун жол баскан рухий маданиятыбыз кээде ташыгын дайра болсо, кээде соолуган булак болуп кемиди, каргашалуу кездерде далайынан кол жуудук, кыйласы бизге жетпеди. Оюбузду далилидеш үчүн мындан кылым ашык мурдагы окуяларды, биздин тарыхка, маданиятка болгон олку-солку көз караш, осол мамилени жана мүчүлүшүктү эске алалы. Тарых күбө, ошол апаат жылдарда бабалардын санжырасын, тарыхыбызды, маданиятыбызды, мурастарыбыздын далайын жоготтук [7; 8; 9].

Көрсө мезгил оомал-төкмөл экен, доор жаңырып өткөн тарых биротоло жиксиз жоголбойт экен, анын баа-баркын чындап билсе, кадырына жетсе, кийинки муунга баа жеткис кенч, даңгыр жол экенин таанытууну ушул илимий макаланын актуалдуулугу катары белгиледик. Арийне, өзүнүн өткөнүн, бабалардын тарыхын, маданий мурасын билбеген, аны унуткан элдин келечек тагдыры тайкы [10; 11; 12; 13].

Кыргыз элинин орус падышалыгынын колониялык саясатына каршы улуттук-боштондук күрөшү-Үркүн, ал кыргыз элинин тарыхында кайгыруу менен эстелет... Орус империясы Орто Азияда колониялык саясат жүргүзүп кыргыздар орус падышасынын бийлигин таанып, анын буйрук, жарлыктарын аткарууга аргасыз болушкан. Падыша өкмөтү аймакты башкарууда жергиликтүү элдердин түпкү кызыкчылыктарын эске албай, колониялык саясатын күчөтүп, Кыргызстандын түндүгүнө Борбордук Россиядан орус, украин дыйкандарынын көчүп келе башташы калктын нааразылыгын барган сайын күчөтүп, көтөрүлүүгө аргасыз кылган.

Жети-Суу облусунда 38 миң түтүн, же 150 миң адам каргашага учураган, көтөрүлүш жеңилүү менен аяктаган, анын негизги себеби даярдыктын жоктугу, бирдиктүү жетекчинин болбогону, өз ара байланыштын солгундугу жана курал-жарактын да жетишсиздиги болгон. Падышалык аскерлер, тескерисинче согуштук машыгуусу да, куралдануусу да жагынан артыкчылык кылган.

Жеңилип калганына карабастан, көтөрүлүштүн тарыхый мааниси зор. Кыргыз эли Ата Журтун бошотуу үчүн, өз алдынчалык үчүн көтөрүлүшкө чыккан. 1916-жылдагы кайгылуу окуя – кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылдарынын эң ириси. Ал элдин эсинде «Үркүн» деген ат менен түбөлүккө сакталып калды... Канчалаган кыргыз Жер бетинде:

Асмандан жамгыр болуп төгүлдүк биз,
Дүйнөгө ак калпакчан көрүндүк биз.
Чөп болдук жер тандабай өсө берген,
Булуттай аалам кездик, сөгүлдүк биз.
Маркасын издеген марал,
Боор эзип боздогон каймал.
Манастан айрылып кыргыз,
Тагдырга көз салат жал-жал, [1. 37б]-

болуп аалам кезип, жер тандабай Кытайдын Шинжаң аймагындагы Кызыл-Сууну кыргыз облусу кылып мекендеп калган. Биз сөз кыла турчу залкар манасчы маркум Жусуп Мамай атабыз, анын рухий мурасына кайрылуу, андан сабак алуу иштин максаты.

Ал 1918-жылы Кытайдагы Кызыл-Суу кыргыз автономиялуу облусунун Акчий районуна караштуу Карабулак айылынын Мергеч кыштагынын Атжайлоо деген жеринде туулган. Ал Какшаалдагы чериктердин Кызыл тукум уруусунан болгон. Жусуптун атасы Мамай бардар, оокаты тың адамдардын бири болгон. Мамай аксакал Мекеге барып, Ажы да болуп келген. Жусуп Мамай кичинекейинен эле зирек, зээндүү болуп чоңойгон. Атасы Мамай аны алты жашында эле айылдагы Ыстам Кожо аттуу молдонун колуна кат үйрөтүүгө берет. Жусуп бат эле кат таанып, китеп окууга жетишкен. Анын агасы Балбай ошол мезгилде Кытайдагы кыргыздардын арасында «Манас» эпосун жыйноо, дастандын ар кандай варианттарын топтоо иштери менен алектенген саналуу гана манас таануучулардын бири болгон. Жусуп Мамай эпосту Балбай Мамайдын топтогон материалдары боюнча үйрөнгөнүн мындайча эскерген:

- Балбай агам экөөбүз бир ата, бир энеденбиз. Мен ал 21 жашка чыкканда туулган экенмин. Балбай агам 6-7 жашында молдого окуп, кат таныган. Ал «Манасты» андан-мындан сурап, дастанды үйрөнүп, жазып, топтоп жүргөн. 1916-жылдагы Үркүн мезгилинде бул жакка Кыргызстандан Саякбай, Сагымбайлар да келген. Ошол арада Кытайга келген «Манасты» билемин деген киши канча болсо, эрикпей ошолордун баарынын артынан жүрүп, кара сөз менен болсо да жазып алган. Бул жактагы чоң манасчылардын айтуусунда да жазган. Мен ошол агамдын жазгандары боюнча «Манасты» үйрөнгөнмүн [2].

Манасчынын айтымында, аны атасы молдого берип жатканда Балбай анын молдолукка үйрөнүшүнө каршы болгон. Анткени, ал зирек өсүп келе жаткан Жусуптун манасчы болушуна тымызын үмүт байлап, Балбай Жусупту кийинчерээк молдолук окуусунан чыгарып алып, «Манастын» өзү жыйнаган варианттарын үйрөтө баштайт. Жусуп Балбай берген «Манастын» кол жазмаларын окуп, үйрөнүүгө жан дили менен киришет. Жайдын ысык күнү болобу, кыштын кычыраган түнү болобу, Жусуп шамчыракты коюп алып, эпосту кунт коюу менен окуп, окуялар анын көңүлүндө жатталып кала баштайт. Атасы Мамай менен энеси Бурул да кенжетайын олтургузуп алып, «Манасты» окутууну жакшы көрүшкөн. Алгач, Балбай инисин дастандагы башкы кейипкерлер менен тааныштырып, айрым окуяларды жаттата баштаган. Ошону менен бирге, Балбай эпосту айтуунун чеберчилигине, ыкмаларына үйрөткөн. Бул жөнүндө Жусуп Мамай мындай деген:

- Мен «Манасты» айта баштаганда эле, агам дыкат кыла турган нерселерге көңүлүмдү бура баштаган. Ал «Манасты» айтып жатканда, башка нерселерди айтып, кошуп жибербе, азаптуу окуяларды айтканда муңдуу үн менен айт, эркектерге келгенде эркекке ылайык, аялдарга келгенде аялга ылайык абал менен айтып жүр деген сыяктуу таалимин берген эле [2].

Манасчынын айтымында, ал «Манасты» жатка айтууну 10 жылга жакын убакытта үйрөнгөн. Жусуп Мамай «Манасты» эл алдында дароо эле айтып чыккан эмес. Ага атасы «жашың 40ка жеткенче, «Манасты» эл алдында айтпай тур» деген керээзин айткан экен. Бирок, Жусуп буулугуп, «Манастын» саптары оюнан кетпей койгон учурларда эч ким жок ээн талаага барып, буркан-шаркан болуп, дастанды айтып, көксөөсүн басып алчу экен.

Кытайлык манас таануучу Нооруз Үсөнаалы Жусуп Мамайдын башка манасчылардан болгон айырмачылыгы жөнүндө мындай дейт:

- Менин пикиримде, Жусуп Мамайдын манасчылыгынын бир өзгөчөлүгү – «Манастын» кийинки урпактарын кошуп айткандыгында. Башка манасчылар «Манас», «Семетей», «Сейтекти» эле айтышат. Экинчиси – ал өзү сөзмөр, акындыгы бар болгондугу үчүн жөндөмдүүлүгүнө жараша эпостун чөлкөмүн кеңейтип айткандыгы. Ошондой эле көркөмдүк жагынан «Манасты» башка манасчыларга салыштырмалуу бир кыйла жогору айтат[3. 96 б].

Куйма кулак, зээндүү, тунук көкүрөк болуп чоңойгон Жүсүп Мамайдын да «Манас» айтып калышына аян берүү себеп болгон, анын айтымында, эң алгачкы ирет ал он жашында Ырамандын Ырчы уулунан аян алат. Түшүндө жайдак буурул атка тердик салып минген кара чаар, оозу өтө эле чоң киши алдында пайда болот. Жүсүп атчан кишинин жанына барып, анын атынын суулугунан кармайт. Ошондо кара чаар киши: «Эй бала, жакшы билип ал, тээтигилерди көрдүңбү?» - дейт, Жүсүп ал көрсөткөн жакты караса, эки боз атчан киши жанаша турган экен, экөө тең кутпа жакты карап, ак чапанчан болуп турган, алардын артында дагы жанаша эки атчан киши турган болот. Бирөөнүн мингени кара көк ат, бирөөнүн мингени сары ат экен. Алардын белдери курчалуу , эң арка жагында бир ачык кызыл ат минген киши турган имиш. Ошондо баштапкы кара чаар чоң киши Жүсүпка кайрылып, атчан адамдарды тааныштырат:

-«Тээтиги эң алдында турган эки киши – Манас менен Бакай. Алардын аркасындагылар - Алмамбет менен Чубак. Ал эми тиги эң артында турган атчан – Сыргак болот. Мен Ырчы уул болом. Ажыбай аркада калды». Артына кылчайып карайын дегенчекти болбой, Жүсүп ойгонуп кетсе, түш экен. Баатырлар Жүсүпка аян бергендигин билгенден кийин атасы Мамай айылдагыларды чакырып, бир козу союп, элдин батасын алат. Ошондо атасы уулуна:

-«Манас деген тирүү олуя, жаш адам жакшы-жаман иштерге жолугат. Кырк жаштан өтмөйүнчө «Манас» айтпа», - деп акыл-насаатын айтат. Атасынын сөзүнөн чыкпай, «Манасты» эл алдында айтпай жүргөнү менен, уктап жатканда түнү бою айтып чыккан учурлары көп болот. 1932-жылы көктөм мезгили келип, ууз кымыз чыкканда, чогулган элдин өтүнүчү боюнча Жүсүп өмүрүндө биринчи жолу «Манас» айтып берет. Ал эми Жүсүп 16 жашка келгенде, атасы Мамай дүйнөдөн кайтат. Эки жылдан кийин 18 жаш курагында, кайсы бир отурушта Жумакун Мамбетакун манасчынын айтып жаткан «Алмамбеттин арманын» угуп, анын токтогон жеринен Жүсүп чыдай албай улап айтып кирет да, «Алмамбеттин Көкчөгө баргандыгы» аттуу окуяны кошуп айтып бүтүрөт. Мына ошондон кийин гана Жүсүп калайыкка атыгып, «манасчы» деген атка конгон.

1961-жылы Шинжаң Уйгур автономиялык районунун борборунда адабият көркөм өнөрчүлөр бирикмеси уюштурулуп, Жүсүп Мамайдын айткан «Манас» вариантын жаздыруу үчүн атайын топ түзүлүп, жарым жыл аралыгында 110 000 сап ыр кагазга түшүрүлгөн.

1964-1966-жылдар аралыгында толуктоо максаты менен Жүсүп Мамайдын вариантын жазып алуу үчүн экинчи ирет илимий экспедиция жиберилет, 196 000 сап ыр кагазга түшүрүлөт. 1966-жылы Кытайда «Маданий революция» саясаты башталгандыктан, 1966-жылдан 1978-жылдын ноябрь айына чейин Жүсүп Мамай саясий куугунтукка туш болот, ал өз колу менен жазган үч илтигин өзү өрттөп жоготууга аргасыз болгон окуяларын билгендер айтып келишкен, ошончолук көлөмдүү эмгектерин бир эмес үч ирээт жазып чыгууга мажбур болгон дешет.

Манасчы үй-жайынан ажыратылып, борбордон алысыраак болгон “Ак-Булуң” деген айылга көчүрүлөт. Манасчынын оозунан жазылып алынган Манастын 8 урпагынан турган материал Бээжинге жиберилет. Бул каардуу жылдары Ак-Булуңда жатып тим болбостон, 1937-жылы атылып кеткен агасы Балбай учурунда айтып берген “Манастын урпактары тууралуу баянды” Жүсүп Мамай өз алдынча кагазга түшүрө баштайт. 1978-жылы декабрь айында Жүсүп Мамай Бээжин шаарына чакыртылып, ушуну менен үчүнчү сапар манасчынын вариантын кагазга түшүрүү иши колго алынат. Ал эми 1964-жылы жазылып алынган материалдардын ичинен Жүсүп Мамайдын «Семетей» гана бөлүгүнүн кол жазмасы калып, калганы дайынсыз табылбай калат.

Кайрадан колго алынып, Сакен Өмүр , Асанбай Матили, Мамбетасан Эрги, Оркалча Кыдырбай, Толкун Турду, Токтобүбү Ысак тарабынан ишке ашырылып, манасчынын варианты боюнча Манастын 8 урпагы кагазга түшөт, алар: Манас – 50 миң сап ыр, Семетей – 37 миң сап ыр, Сейтек – 25 миң сап ыр, Кененим – 34 миң сап ыр, Сейит – 11 миң сап ыр, Асылбача-Бекбача – 30 миң сап ыр, Сомбилек – 11 миң сап ыр, Чигитей – 12 миң сап ыр топтошот.

Кагазга түшүрүү иши 1983-жылга чейин жүргүзүлүп, аягына чыгат. Бул мезгил аралыгында Жүсүп Мамайдын 18 томдон жана 200 миң ашуун сап ырдан турган варианты толугу менен кагаз бетине жазылып алынат. 1984-жылы манасчынын варианты боюнча «Манас» бөлүгү китеп болуп араб арибинде жарык көрөт. Мындан сырткары Жүсүп Мамайдын варианты боюнча: «Курманбек», «Эр Төштүк», «Багыш», «Толтой», «Тутан», «Жаңыл Мырза», «Мамаке Шопок», «Көбөк» сыяктуу дастандар да кагазга түшүрүлүп, жарыкка чыгат. 2005-жылы Жүсүп Мамайдын айтуусундагы «Манас» эпосунун толук варианты бир китеп болуп кириллица арибинде Кытайдан чыгат.

Залкар манасчы 2014-жылы дүйнө салып, киндик каны тамган Ат жайлоого жакын жерде түбөлүк жай тапкан. Корутундулап айтканда, Кыргызстанда Жусуп Мамайдын өмүрү, чыгармачылыгы тууралу бир катар эмгектер жарык көрдү, бирок, али да илимий изилдөөлөр улана бермекчи.

**Колдонулган адабияттар**


1. Мамбеттурду Мамбетакун “ “Жүрөгүм” аттуу ырлар жыйнагы 1992. 37б.
2. http://www.azattyk.kg/content/kyrgyz_manaschy_jusup_mamai_died/25407302.html
3. Кыргыз элинин манасчылары: Маалымдама китеп. – 1-чыг., Түз.: Т.Бакчиев, Р.Исаков. – Б.: Кыргызпатент, 2010. – 96 б.
4. “Тарых жана мурас” түрмөгү [Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына караштуу Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын иликтөө боюнча “Мурас” кору; “Кыргыз Тарых Коому” ЭКБ]. - ISBN 978-9967-12-401-1.
5. Ысак кызы Токтобүбү, Жуматурду уулу Адыл. Залкар Манасчы Жүсүп Мамай / Редколлегия: Т.К.Чоротегин (төрага), А.Акматалиев, ж.б.; илимий редактору Гүлзада Абдалиева. – Б.: “Принт Экспресс”, 2014. – 328 б.

6. Урстанбеков Б.У., Чороев Т.К. Кыргыз тарыхы: Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы Редакциясы, 1990. 113 б. ISBN 5-89750-028-2.
7. Асанова, Ф. М. “Манас” эпосунун кыргыз адабиятындагы идеялык күрөштөгү орду / Ф. М. Асанова, Г. Т. Жамгырчиева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология. – 2024. – No. 2(4). – P. 14-24. – DOI 10.52754/16948874_2024_2(4)_2. – EDN CJGIHN.
8. Абдиева, К. А. “Манас” эпосун окутууда кептин монологдук түрү менен иштөө / К. А. Абдиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2024. – No. 3. – P. 107-115. – DOI 10.52754/16948610_2024_3_10. – EDN DJEJIC.
9. Юсупова, Р. О. “Манас” эпосундагы кыймыл, мейкиндик жана убакыттын интерпретацияланышы / Р. О. Юсупова, Д. А. Кочкорова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 1(1). – P. 33-41. – DOI 10.52754/16948823_2023_1(1)_5. – EDN FZOACK.
10. Кубанычбек Кызы, А. “Манас” эпосунда көчмөн турмуштун сүрөттөлүшү / А. Кубанычбек Кызы // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология. – 2023. – No. 2(2). – P. 41-48. – DOI 10.52754/16948874_2023_2(2)_5. – EDN UIVPTC.
11. Абдиева, Ж. К. “Манас” эпосунун изилдениш тарыхынан / Ж. К. Абдиева, Ж. Төлөгөнова // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – No. 2. – P. 105-112. – DOI 10.52754/16948610_2023_2_13. – EDN KAMGNY.
12. Кулалиева, К. О. "Манас" эпосунун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү: маани-маңызы, түзүлүш өзгөчөлүгү / К. О. Кулалиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 898-909. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_898. – EDN NTYLNW.
13. Чон, Я. Х. Своеобразие архаических мотивов эпоса "Семетей" манасчи Жусупа Мамая / Я. Х. Чон // Вестник Ошского государственного университета. – 2020. – Т. 2, № 1-4. – С. 263-266. – EDN VJLOXH.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(5)/2025, 71-77

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 7.03**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_1(5)_10

# КӨРКӨМ СҮРӨТ МЕКТЕБИНИН ОКУУЧУЛАРЫН ПЛЕНЭРДИК ПРАКТИКАЛЫК САБАКТАР АРКЫЛУУ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯЛОО

## ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ УЧАЩИХСЯ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ШКОЛЫ ЧЕРЕЗ ПЛЕНЭРНЫЕ ПРАКТИЧЕСКИЕ ЗАНЯТИЯ

## AESTHETIC EDUCATION OF ART SCHOOL STUDENTS THROUGH PRACTICAL EXERCISES IN THE OPEN AIR

**Ысмайылов Муктар Зулпукарович**
*Ысмайылов Муктар Зулпукарович*
*Ysmayilov Mukhtar Zulpukarovich*

**п.и.к. доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.п.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr., Associate Professor, Osh State University*

---

**Мамазаиров Мирлан Латипович**
*Мамазаиров Мирлан Латипович*
*Mamazairov Mirlan Latipovich*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*

---

**Латип уулу Бегзат**
*Латип уулу Бегзат*
*Latip uulu Begzat*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# КӨРКӨМ СҮРӨТ МЕКТЕБИНИН ОКУУЧУЛАРЫН ПЛЕНЭРДИК ПРАКТИКАЛЫК САБАКТАР АРКЫЛУУ ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯЛОО

**Аннотация**

Бул макалада көркөм өнөр искусствосунун пленэрдик практикалык сабагы аркылуу окуучуларды эстетикалык жактан тарбиялоодо окуучулардын көркөм дүйнө таанымын жана чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү орду талдоого алынды.

***Ключевые слова:*** композиция, пленэр, пейзаж, май боегу, тон, живопись, графика, көркөм өнөр

## *ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ УЧАЩИХСЯ ХУДОЖЕСТВЕННОЙ ШКОЛЫ ЧЕРЕЗ ПЛЕНЭРНЫЕ ПРАКТИЧЕСКИЕ ЗАНЯТИЯ*

**Аннотация**

В данной статье анализируется роль художественного мировоззрения и творчества учащихся в эстетическом воспитании учащихся посредством пленэрного практического занятия изобразительным искусством.

***Ачкыч сөздөр:*** композиция, пленэр, пейзаж, масляная живопись, тон, живопись, графика, искусство

## *AESTHETIC EDUCATION OF ART SCHOOL STUDENTS THROUGH PRACTICAL EXERCISES IN THE OPEN AIR*

**Abstract**

This article analyzes the role of the artistic worldview and creativity of students in the aesthetic education of students through plein-air practical art classes.

***Keywords:*** composition, plein air, landscape, oil painting, tone, painting, graphics, art

Көркөм өнөр искусствосу – бул адамдын айлана-чөйрөнүн кооздугун сезүү жөндөмүн, эмоцияларын жана эстетикалык түшүнүктөрүн искусство аркылуу калыптандыруунун өзгөчө жолу. Көркөм сүрөт мектептериндеги окутуу процесси окуучулардын чыгармачыл өнүгүүсүнө чоң таасир этет. Айрыкча, пленэрдик практикалык сабактар – алардын эстетикалык сезимдерин өстүрүп, табият менен жакындан байланышууга реалдуу шарттарды түзөт [8-10].

ОшМУнун педагогика искусство жана журналистика институтунун магистратура бөлүмүндө практикалык сабактар аркылуу көркөм сүрөт мектептеринин окуучуларынын эстетикалык баалуулуктарын калыптандыруу маселелери боюнча аналитикалык иштер жүргүзүлдү. Изилдөө объектиси катары Ош шаарындагы Г. Айтиев атындагы атайын балдардын көркөм сүрөт мектебинин 7 - класстарынын окуучулары тандалып алынды. Баланын эстетикалык баалуулуктарын калыптандырууда пленэрдик практикалык - сабактардын таасири, окуучулардын көркөм дүйнө таанымынын калыптануусу жана чыгармачылык шыктанууларынын өнүгүүсү эске алынды.

Пленэр - (французча plein air – «ачык абада») – бул табият койнунда же ачык мейкиндикте өткөрүлгөн сүрөт тартуу ыкмасы. Көркөм сүрөт мектептеринде пленэрдик сабактар төмөнкү маанилүү максаттарды көздөйт:

- көркөм ишмердүүлүктүн бир түрү катары чыгармачылык ой жүгүртүүнү активдештирет;

- көздүн көрөгөчтүгүн, түс жана формаларды байкоо сезимин өнүктүрөт;

- жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларды калыптандырат.

Окуучулардын алдына педагогдор ар кандай милдеттерди коюшат, аларды чечүү процессинде окуучулар табигаттын элеси аркылуу көркөм образ түзүү – сезимдерди жана эмоцияларды сүрөт аркылуу билдирүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат. Көркөм билим берүү процессине тиешелүү окуучулардын образдык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга багытталган ишмердүүлүктөрүнүн ар кандай түрлөрү бар. Бирок пленэрдик практикалардын негизги артыкчылыгы, бизди курчап турган дүйнөнүн элесин толук чагылдырууда жатат. Ушул жагынан алып караганда, пленэрдик практикада окуучунун, табиятка жана искусство дүйнөсүнө сүңгүп кирип, түстүн таасирлерин жана жаратылыштын абалын өздөштүрүүнү үйрөнүүсү эске алынат. Мисалга алсак “Жашыл түс – жаратылыштын түсү - бул физиологиялык көз караште алганда эң оптималдуу болуп эсептелет” - деп айтылган. [4, 557] Дагы мисал “Искусствонун бардык түрүнө контраст закону мүнөздүү чоң – кичине, бийик – жапыз, – караңгы – жарык, ачык – күңүрт, ж.б.у.с.” [4, 125] Мына ушул закон ченемдүүлүктөрдү эске алуу менен гана чагылдыруу керек. Бул практика гана эмес, билимдерди көндүмдөрдү жана ошондой эле адамдын руханий адеп-ахлактык жактан өнүктүрүүсүнө да таасир этүүсү зарыл. Ошол себептен, көркөм сүрөт мектебинин окуучуларынын пленэрдик практикаларын уюштурууда жана өткөрүүдө төмөнкүдөй методикалык рекомендацияларды максат катары көңүлгө алдык:

1. Эстетикалык тарбия берүү – окуучулар жаратылыштын сулуулугун байкоого жана аны искусство аркылуу таанып билүүгө үйрөнүшөт.

2. Чыгармачылыкты өнүктүрүү – табигый жарыкты, түстөрдүн айкалышын жана атмосфералык өзгөрүүлөрдү байкап, аларды сүрөт аркылуу чагылдыруу жөндөмүн арттырышат.

3. Көркөм ой жүгүртүүнү калыптандыруу – окуучулар табияттын ар түрдүү элементтерин анализдөөгө жана аларды композициялык жактан жарашыктуу жөндөө ыкмаларын үйрөнүшөт.

4. Индивидуалдуу стилди өнүктүрүү – пленэрдик сабактарда окуучулар өздөрүнүн жеке стилдерин табууга жана чыгармачылык потенциалын ачууга мүмкүнчүлүк алышат.

5. Табият менен байланыш түзүү – ачык абада иштөө окуучулардын табиятка болгон сүйүүсүн арттырып, аны коргоого жана баалоого үйрөтөт.

Пленэрдик сабактар натыйжалуу өтүшү үчүн төмөнкү негизги аспектилерге көңүл буруу каралды:

-Жайгашкан жерди тандоо – табият койнундагы же шаардык пейзаждардагы кызыктуу жана эстетикалык жактан бай аймактарды тандоо.

- Көркөм курал-жабдууларды даярдоо – окуучуларга керектүү болгон боёк, калем, кагаз, холст жана башка материалдарды камсыздоо.

*Сабактын этаптарын так аныктоо:*

Киришүү – окуучуларга пленэрдин максаты жана милдеттери түшүндүрүлдү.

Байкоо жана анализ – табияттагы түстөрдүн, көлөкөлөрдүн жана формалардын айкалышын байкоо.

Окуучулардын өз алдынча иштөөсү – окуучулар практика жүзүндө насаатчынын жетекчилиги менен иш алып барышат.

Пленэрдик практикада Ош шаарындагы Г. Айтиев атындагы көркөм сүрөт мектебинин айланасындагы архитектуралык курулуштар, дарактар, өсүмдүктөр, Сулайман тоо, Ак-Буура дарыясы, эс алуу бактар ж.б.у.с. шаар четиндеги кооз көрүнүштөрдүн сүрөттөрү тартылды. Практика учурунда көрүнүштөрдү тандоодо, мурда класстык сабактарда алган теориялык билимдер жана практикалык көндүмдөр колдонулушу үчүн сызыктуу жана аба перспективасы, композиция, форма, түс ж.б.у.с. маселелер көңүлгө алынды. Мындан тышкары, мугалим көрсөтмө куралдар катары мурдагы класстар тарабынан иштелген пленэрдик жумуштар да домонстрациаланды. Окуучулар ачык сман астында, таза абада акварель жана май боегу менен живопистик этюддарды аткарышып, эрте мененки, кечки жана ар кандай табият кубулуштарынын жагымдуу учурларын көрүп сүрөттөрүн тартышты. Окуучулар менен иштөөдө төмөнкүдөй ыкмалар колдонулду: *топтук түшүндүрмө* - мугалим окуучулардын кандайдыр бир ишинин мисалында жалпы түшүндүрдү, кийинки иш-аракеттер үчүн сунуштарды берди. Окуучулар тарабынан көрүнүштөрдү талдоо иштери уюштурулду. Алар бири-биринин каталарын байкап, эмгектерин салыштыруу, өз иштерин талдоо жана оңдоо сыяктуу аракеттердин пайдалуу экенин туюп билишти. Сүрөт тартуу учурунда, анын бардык деталдары жана өзгөчөлүктөрү менен көрүп кабылдоолору байкалды. Ошентип, окуучулардын кабылдоо, эс тутум, элестетүү жана бизди курчап турган табиятка болгон эстетикалык ой жүгүртүү, кыялдануу сезимдеринин ойгонгондугу белгилүү болду. Пленердик иштерибиздин **актуалдуу** маселеси болуп белгилүү бир методикалык ырааттуулукта, кылдаттык менен иш жүргүзүлдү. 1-компоновка 2-композициялык түзүлүшү, 3- түстөр менен иштөө. 4-деталдоо, жалпылоо жана композициялык борборду аныктоо менен аяктап бүтүрүү жагы колго алынды. Натыйжада пленэрде аткарылган этюддар академиялык живопистик

этюддарга караганда сапаты жагынан да бир топ жөндүү аткарылды. Анткени окуучулардын пленэрдик эмгектеринде алардын эмоциялары жана иштөө эркиндиги сүрөттөрдөн көрүнүп турду. Ошол себептен окуучулардын пленэрдик сүрөттөрү түстүк колорити жагынан дагы, композициясы жагынан дагы бир топ таасирдүү тартылды.

Окуучулардын жогоруда баяндалган айрым эстетикалык зарыл касиеттерин калыптандыруу жана өнүктүрүү бир катар педагогикалык шарттарды сактоо менен ишке ашырылгандыгы маалым болду.

## Материалдар жана изилдөө методдору

Окуучулардын пленэрдик практикасын өтөө процессине, аткарылган эмгектеринин санына жана сапатына жүргүзүлгөн анализдердин жыйынтыгында бир катар сунуштамалар иштелип чыкты:

Окуучуларды эстетикалык жактан тарбияло – бул окуучулардын кооздукту аңдап билүүсүн, аны искусство аркылуу түшүнүүсүн жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү процесси. Пленэрдик сабактар бул тарбиянын төмөнкү өңүттөрүн камтыйт:

1. Көркөм сезимди өркүндөтүү – табияттагы жана айлана-чөйрөдөгү кооздукту түшүнүүгө көмөктөшөт.

2. Эмоциялык өнүгүү – Табигый чөйрөдө иштөө окуучулардын эмоцияларын жана көркөм чыгармачылыкка болгон мамилесин тереңдетет.

3. Кооздукка болгон кызыгууну арттыруу – Көркөм өнөргө кызыгууну жогорулатып, эстетикалык табитин калыптандырат.

4. Сабырдуулукту жана чыдамкайлыкты өнүктүрүү – Табият шартында иштөө окуучуларды кыйынчылыктарга туруштук берүүгө жана эмгекти баалоого үйрөтөт.

## Жыйынтыктар жана талкуулар

*Пленэрдик сабактардын натыйжалары;*

Көркөм сүрөт мектебинин окуучулары үчүн пленэрдик сабактар төмөнкүдөй оң натыйжаларды берди:

Окуучулардын көркөм ой жүгүртүүсү жана чыгармачылык жөндөмдөрү өнүктү. Алар өзүнүн уникалдуу стилдерин табууга жана чыгармачылык көз карашын өркүндөтүүгө үйрөнүштү. Табият менен иштөө аларга жарашык сезимин тартуулап, экологиялык аң-сезимин жогорулатты. Кол өнөрчүлүк жана кесиптик көркөм өнөргө кызыгуулары мындан ары бир топ күчөдү. Мына ошентип Ош шаарындагы Г.Айтиев атындагы атайын балдардын көркөм сүрөт мектебинин 7 - класстарынын окуучуларын эстетикалык жактан тарбиялоодо пленэрдик практикалык сабак өтө чоң таасир берди. Окуучулар сыртта сүрөт тартуу менен табиятты чагылдыруунун бир топ баскычтарын ишке ашырышты жана сүрөтчүлүк зарыл касиеттерге ээ болушту.

**Корутунду**

Пленэрдик практикалык сабактар көркөм сүрөт мектебинин окуучуларын эстетикалык жактан тарбиялоодо өзгөчө мааниге ээ. Алар окуучулардын көркөм табитин өнүктүрүп, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн тереңдетип, айлана-чөйрөгө болгон сезимталдуулугун арттырат. Бул сабактар эстетикалык тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү катары өнөргө болгон сүйүүнү өркүндөтүп, окуучулардын келечектеги чыгармачылык жолунда чоң роль ойнорун далилдеди. Класста сүрөт тартуу менен ачык асман алдында сүрөт тартуунун бир топ айырмачылыктарына байкашты.

1. Эстетикалык тарбия берүү – Окуучулар жаратылыштын сулуулугун байкай билип жана аны өнөр аркылуу кабылдоону ишке ашырышты.

2. Чыгармачылыкты өнүктүрүү – Табигый жарыкты, түстөрдүн айкалышын жана атмосфералык өзгөрүүлөрдү байкап, аларды сүрөт аркылуу чагылдыруу жөндөмүн арттырышты.

3. Көркөм ой жүгүртүүнү калыптандыруу – Окуучулар табияттын ар түрдүү элементтерин анализдөөгө жана аларды композициялык жактан туура жайгаштырууну үйрөнүштү.

4. Индивидуалдуу стилди өнүктүрүү – Пленэрдик сабактарда окуучулар өздөрүнүн жеке стилдерин табууга жана чыгармачылык потенциалын ачуу мүмкүнчүлүктөргө ээ болушту.

5. Табият менен байланыш түзүү – Ачык абада иштөө окуучулардын табиятка болгон сүйүүсүн арттырып, мекенди коргоого жана баалоого патриоттуулук сезимдерин ойготушту.

**Адабияттар**


1. Адылбек Батыралиев “Педагогика” Жогорку жана орто окуу жайларынын педагогикалык адистиктеринин студенттери, магистранттары үчүн окуу куралы. Ош.2023.
2. Акматов К., Бабаев Д., Кимсанов К., Педагогика окуу куралы 2019.100-101
3. Эшбаев М. Э. Сүрөт искусствосу боюнча терминдердин кыскача түшүндүрмө сөздүгү. Ош. 2020-ж.
4. Педагогикалык изденүү А.Аманашвили, П 24 С. Н.Лысенкова, И.П.Волков, ж.б. Сөз башын жазган М.Н. Скаткин; Түз. И.Н.Баженова; котор. И.Бекбоев, А.Андашев, А. Ибраев.-Ф: мектеп, 1989.-608 б.
5. Гончаров А.А. Көркөм искусствонун педагогикасы. Санкт-Петербург, 2005.
6. Лебедев А.А. Сүрөт тартуу методикасы. Москва, 2010.
7. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Көркөм билим берүү программасы. Бишкек, 2022.
8. Ысмайылов, М. З. Ош облусундагы көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхы / М. З. Ысмайылов, М. Л. Мамазаиров, К. Ж. Мамарайимов // Вестник Ошского

государственного университета. – 2022. – No. 2. – P. 207-213. – DOI 10.52754/16947452_2022_2_207. – EDN KOWRUR.

9. Топчубаева, Э. А. Кыргыз искусствосунда табият кооздугунун чагылдырылышы / Э. А. Топчубаева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 2(2). – P. 100-105. – DOI 10.52754/16948823_2023_2(2)_16. – EDN MMUEJJ.
10. Таабалды Кызы, А. XX кылымдагы кыргыз искусствосунун өнүгүү тарыхы / А. Таабалды Кызы, Г. Абдигапар Кызы // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2024. – No. 1(3). – P. 66-73. – DOI 10.52754/16948823_2024_1(3)_10. – EDN KYREVQ.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(5)/2025, 78-82

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 37.015**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_1(5)_11

# МАНАС – УЛУТТУК ПЕДАГОГИКА КАТАРЫ

## МАНАС КАК ОСНОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ ПЕДАГОГИКИ

## MANAS AS THE FOUNDATION OF NATIONAL PEDAGOGY

**Итигулова Ж.К.**
*Итигулова Ж.К.*
*Itigulova Zh.K.*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr., Associate Professor, Osh State University*

**Сагынбай кызы Айымгүл**
*Сагынбай кызы Айымгүл*
*Sagynbay kyzy Aiumgul*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# МАНАС – УЛУТТУК ПЕДАГОГИКА КАТАРЫ

**Аннотация**

Учурдагы глобалдашуунун жана массалык маданияттын агрессивдүү чабуулдарынын шарттарында кыргыздардын да улуттук өзүн-өзү сактоо инстинкти ойгонушу керек. Түркия, Япония сыяктуу Кыргызстан дагы өзүнүн көп кылымдык тарыхында калыптанган түптүү улуттук дөөлөттөргө таянуу философиясын бекем тутушу керектигин белгилейбиз.

***Ачкыч сөздөр:*** Манас, рухий дөөлөт,философия, идеология, улуттук нарк-насил

## *МАНАС КАК ОСНОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ ПЕДАГОГИКИ*

**Аннотация**

В условиях современной глобализации и экспансии массовой культуры встает необходимость пробуждения национального инстинкта самосохранения у кыргызского народа. Подобно таким странам, как Турция и Япония, Кыргызстан должен придерживаться философии, основанной на его многовековом историческом опыте и фундаментальных национальных ценностях. Осмысление и сохранение этих культурных традиций играет ключевую роль в формировании национальной идентичности и укреплении духовного наследия.

***Ключевые слова:*** Манас, духовные ценности, философия, идеология, национальная идентичность

## *MANAS AS THE FOUNDATION OF NATIONAL PEDAGOGY*

**Abstract**

In the context of contemporary globalization and the expansion of mass culture, it is imperative to awaken the national instinct for self-preservation among the Kyrgyz people. Similar to nations such as Turkey and Japan, Kyrgyzstan must adhere to a philosophy rooted in its centuries-old historical experience and fundamental national values. The reflection on and preservation of these cultural traditions play a crucial role in shaping national identity and strengthening the country’s spiritual heritage.

***Keywords:*** Manas, national values, philosophy, ideology, national identity

Учурдагы глобалдашуунун шарттарында биз кыргыздар санариптешкен, техникалашкан күчтүү цививлизаңиянын кучагына сүңгүп кетпей өз жүзүбүздү сактап, канткенде журт катары, улут катары сакталып калабыз? Бүгүнкү күндө мындай суроону дүйнөдөгү дээрлик бардык калктар өз алдыларына коюп, глобалдашуунун кырдаалында улуттук коломтого, элдик нарк-дөөлөттөргө, элдик педагогикага таянуу философиясын тутунуп жатышат, мисалы, Түркия мамлекетине көз чаптыралы. Түркиянын “Улуттук билим берүү боюнча негизги мыйзамында” түрк билим берүүсүнүн башкы стратегиялык максаты төмөндөгүчө аныкталган: “Түрк улуттук билим берүүсүнүн башкы максаты-түрк коомчулунун бардык мүчөлөрүн Ататүрктүн приңиптерине, революңиясына жана Башмыйзамда көрсөтүлгөн Ататүрк патриоттуулугуна (мекенчилдигине) ылайык түрк улутунун улуттук, нравалык инсандык руханий жана маданий баалуулуктарын кабыл алган, сактаган жана өнүктүргөн, үй-бүлөсүн, мекенин, улутун сүйгөн, инсан укуктарына жана Башмыйзамдын негизги принциптерине таянган, демократиялык, граждандык жана социалдык укуктук мамлекет болгон Туркия жумуриятынын алдындагы милдет жана жоопкерчиликтерин билген, ошондой эле аларды аракетке келтирген мекендештер катары калыптандыруу”[1]. Бул жерде глобалдашуунун шартында Түрк улутун сактап калуу концепциясы ачык-айкын берилген.

Ал эми биздин билим берүү системабыз, концепцияларыбыз мекенчил, улутчул патриотту эмес, жалпы эле дүйнөнүн атуулдарын окутуп тарбиялоого ылайыкташкан. Бирок, глобалдашуунун жана массалык маданияттын агрессивдүү чабуулдарынын шарттарында кыргыздардын да улуттук өзүн-өзү сактоо инстинкти ойгонушу керек. Түркия, Япония сыяктуу Кыргызстан дагы өзүнүн көп кылымдык тарыхында калыптанган түптүү улуттук дөөлөттөргө таянуу философиясын бекем тутушу керектигин белгилөө бул макаланын **актуалдуулугу** деп белгилейбиз. Мына ушул контексттен алганда, кыргыз мамлекетинин өсүшү, келечеги үчүн төп келе турган рухий-кенчтерди камтып турган улуу “Манас” эпопеясынын кыргыз жашоосунда, тарбия процессинде аксиологиялык функциясы актуалдуу.

Биздин “Манас” эпосубузда кымбат, улук, ыйык бул -Атажурт, анын боштондугу, эркиндиги негизги орунда турат. “Манастын” эң бийик идеясы Мекендин эгемендүүлүгү философиясы.

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди
Душмандын буту баскыча
Асыл кыргыз жеримди,
Тебелетип бөтөнгө
Кор кылып карап жаткыча
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,-деген саптар Манас баатырдын антында айтылат [2 ].

Улут биримдиги, бөлүнбөстүгү тууралуу Манас:

“Кулалы жыйып куш кылдым
Курама жыйып журт кылдым,
Калкым кыргыз сен үчүн,
Курман болуп кетейин”,- десе

“Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,

Бөлүнүп калды кыргыз деп
Бөлөк элге кеп кетет, -дейт Бакай.

Мекендин, элдин көйгөйүн ойлогон, Ата конуштун тагдыры деп атуулдук күжүрмөн рух, жарандык жигер менен Кошой:

Үзүлгөндү улайлы,
Чачылганды жыйнайлы
Жоголгон жокту табалы,
Журт айласын кылалы,- дейт.

Эпосто элдин ар-намысын ойлогон, өзүнүн беделин жерге түшүрбөгөн жигиттин, уулдун, эрдин намыскөйлүгү, Мекендин чегин күн-түн күзөтүү, мамлекеттүүлүктү коргоо жана чыңдоо идеясы өзгөчө мааниге ээ экенин Манастын бул сөздөрүнөн көрүүгө болот:

Кыргыздын жерин жердөөнү
Алооке сага ким койду?
Атамдын жерин жердөөнү,
Ант ургур сага ким койду?

Бакубат жашоо үчүн күн тынымын билбеген, түн уйкусун көрбөгөн, ак эмгек, адал мээнеттин ыйыктыгына терең маани берилип:

Эмгек кыл балдар, эмгек кыл,
Акыңды эмгек кайтарат.
Арыганың семирет, ачкан курсак тоюнат.
Алтындын кенин казалы, кетмендеп жерди оелу,- деген Акбалтанын сөзү бар.

Кыскасын айтканда, "Манаста" жашоого тирек боло турган моралдык-этикалык эрежелердин бүтүндөй бир системасы, улуттук идеологиясы камтылган:

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол

чыгарган ички биримдиги;

2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;

3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;

4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;

5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу;

7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Улуу кыргыз эли Манасты жүрөгүндө туу катары сактап келген, жогорудагыдай ыйык идеялары болочогу үчүн тарыхтын бурганактуу кыйын-кезеңдеринде жоголуп кетпей, тагдырдын катаал сыноолоруна туруштук берип, элдигин сактап XXI-кылымга жетти. Ушул улуу дөөлөттөрүбүздү ички идеология катары тутунуп, аларды кайрадан терең өздөштүрүп, сактап аң-сезимдүү түрдө жайылтып, калкыбыздын, жаш муундарыбыздын энчисине айландырып, жарандарыбыздын барктаган, кастарлаган, сыймыктанган таберигине жеткирүү макаланын максаты болуп саналат. Ар бир жаран жашоосунда "Манаска" сугарылыш керек.

Биз глобалдашуунун катаал өкүмүнө ушундай культурологиялык концепциябызды каршы коюу менен гана журт катары сакталып кала алабыз.

Манасты изилдеген окумуштуулар "Манас" эл тарыхынын көркөм летописи, калк турмушунун энциклопедиясы, ата-бабалардын эркиндик үчүн күрөшкөн баатырдык, патриоттук салтын баяндаган улуу дастан катары, кыргыз элинин күч-кубатын, эрк-кайратын, даанышмандыгын, багынбас рухун, айкөл жан дүйнөсүн көрсөткөн күзгү катары баалап, даңазалап келишти. Корутундулап айтканда, эпосту дал ушундай түшүнүүнү, туюнууну бүгүнкү муундарга жеткирүү улуу муундун милдети.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз туусу гезитинин 2014-жылдагы №7, №27-28 3-4б
2. Исаков Б. Манастын жети осуяты" Бишкек 1997. 61-72 б
3. Байгазиев С. Калем изи: Адабий-сын макалалар, Кыргызстан, 1987. 30-32б
4. Бернштам А.Н. Культура древнего Кыргызстана, Фрунзе 1979 17б
5. Айтматов Ч.Т. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу, Фрунзе, 1979.6 б
6. Жумалиев К. «Манас эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар», - Бишкек,1999 21-27б.
7. Кубанычбек Кызы, А. "Манас" эпосунда көчмөн турмуштун сүрөттөлүшү / А. Кубанычбек Кызы // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология. – 2023. – No. 2(2). – P. 41-48. – DOI 10.52754/16948874_2023_2(2)_5. – EDN UIVPTC.
8. Юсупова, Р. О. "Манас" эпосундагы кыймыл, мейкиндик жана убакыттын интерпретацияланышы / Р. О. Юсупова, Д. А. Кочкорова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 1(1). – P. 33-41. – DOI 10.52754/16948823_2023_1(1)_5. – EDN FZOACK.
9. Абдиева, К. А. "Манас" эпосун окутууда кептин монологдук түрү менен иштөө / К. А. Абдиева // Вестник Ошского государственного университета. – 2024. – No. 3. – P. 107-115. – DOI 10.52754/16948610_2024_3_10. – EDN DJEJIC.
10. Абдиева, Ж. К. "Манас" эпосунун изилдениш тарыхынан / Ж. К. Абдиева, Ж. Төлөгөнова // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – No. 2. – P. 105-112. – DOI 10.52754/16948610_2023_2_13. – EDN KAMGNY.
11. Кулушев, Т. А. "Манас" эпосундагы өлбөс-өчпөс идеалдардын азыркы учурдагы актуалдуулугу, Манастын бала чагындагы Акбалтанын кызматы / Т. А. Кулушев // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 927-936. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_927. – EDN GGGSGP.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(5)/2025, 83-89

**УДК: 7.03**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_1(5)_12

# ЖИВОПИСЬ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК САБАТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ТЕОРИИ ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ ХУДОЖЕСТВЕННО-ЭСТЕТИЧЕСКОЙ ГРАМОТНОСТИ ЧЕРЕЗ ЖИВОПИСЬ

## SOME QUESTIONS OF THE THEORY OF EDUCATING STUDENTS OF ARTISTIC AND AESTHETIC LITERACY THROUGH PAINTING

**Ысмайылов Муктар Зулпукарович**
*Ысмайылов Муктар Зулпукарович*
*Ysmayilov Mukhtar Zulpukarovich*

**п.и.к. доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.п.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr., Associate Professor, Osh State University*

---

**Мамазаиров Мирлан Латипович**
*Мамазаиров Мирлан Латипович*
*Mamazairov Mirlan Latipovich*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*

---

**Мурзакулов Болотбек Калбаевич**
*Мурзакулов Болотбек Калбаевич*
*Murzakulov Bolotbek Kalbaevich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# ЖИВОПИСЬ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК САБАТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация**

Макалада живопись аркылуу окуучулардын көркөм – эстетикалык сабаттуулугун калыптандыруунун айрым маселелери каралган. Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын көркөм сабаттуулугун калыптандырууда живопись тарбия каражаттары катары да кызмат кыла тургандыгы белгиленген. Окуучулар негизги түстөр, спектр түстөрү, жылуу жана салкын түстөр, түстүк гамма жана колорит сыяктуу түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн натыйжасында живопистик чыгармалардын мазмунун окуп үйрөнүүгө жетишээри жөнүндө учкай айтылат. Мындан сырткары түстөрдүн адамдын аң сезимине тийгизген психологиялык таасирлери баяндалат жана түстөрдүн мындай касиеттерин тематикалык композицияларды түзүүдө колдонуу көркөм чыгармачылык поцесстерге бир топ жеңилдик бере тургандыгы айкын баяндалат. Живопись окуучунун ички жан дүйнөсүн ойготуп, образдуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрө тургандыгы жана көркөм табитин калыптандырууга да өбөлгө боло ала тургандыгы айтылат. Ошондой эле көркөм кабыл алуу – көркөм чыгармаларын түшүнүү жана алардан таасир алуу, эстетикалык ой жүгүртүү – кооздукка байланыштуу түшүнүктөрдү, баалоолорду иштеп чыгуу өңдүү көркөм – эстетикалык сабаттуулуктун структуралык компоненттери белгиленген.

***Ачкыч сөздөр:*** түс, түс схемасы, композиция, пленэр, пейзаж, майлуу живопись, живопись

## *НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ ТЕОРИИ ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ ХУДОЖЕСТВЕННО-ЭСТЕТИЧЕСКОЙ ГРАМОТНОСТИ ЧЕРЕЗ ЖИВОПИСЬ*

**Аннотация**

В статье рассматриваются некоторые вопросы формирования художественно – эстетической грамотности учащихся через живопись. Отмечено, что в формировании художественной грамотности учащихся общеобразовательных школ живопись также может служить средством воспитания. Ученики учатся читать содержание живописных произведений в результате усвоения таких понятий, как основные цвета, цвета спектра, теплые и холодные цвета, цветовая гамма и колорит. Кроме того, описывается психологическое воздействие цветов на человеческое сознание и ясно показано, что использование таких свойств цветов при создании тематических композиций может значительно облегчить процесс художественного творчества. Дана информация о том, что живопись пробуждает внутреннюю душу ученика, развивает образное мышление, а также может способствовать формированию художественного вкуса. Также отмечены структурные компоненты художественно – эстетической грамотности, такие как художественное восприятие – понимание и влияние произведений искусства, эстетическое мышление – разработка концепций, оценок, связанных с красотой.

***Ключевые слова:*** колорит, цветовая гамма, композиция, пленэр, пейзаж, масляная живопись, живопись

## *SOME QUESTIONS OF THE THEORY OF EDUCATING STUDENTS OF ARTISTIC AND AESTHETIC LITERACY THROUGH PAINTING*

**Abstract**

The article discusses some issues of the formation of artistic and aesthetic literacy of students through painting. It is noted that painting can also serve as a means of education in the formation of artistic literacy of secondary school students. Students learn to read the content of paintings as a result of mastering concepts such as primary colors, colors of the spectrum, warm and cold colors, color scheme and coloring. In addition, the psychological effect of flowers on human consciousness is described and it is clearly shown that the use of such properties of flowers when creating thematic compositions can greatly facilitate the process of artistic creation. The information is given that painting awakens the inner soul of the student, develops imaginative thinking, and can also contribute to the formation of artistic taste. The structural components of artistic and aesthetic literacy are also noted, such as artistic perception – the understanding and influence of works of art, aesthetic thinking – the development of concepts and assessments related to beauty.

***Keywords:*** color, color scheme, composition, plein air, landscape, oil painting, painting

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Живопись — адамдын жан дүйнөсүн, сезимдерин, турмуштук көрүнүштөрдү түстөр жана образдар аркылуу көркөм формада чагылдыруучу көркөм өнөрдүн бир түрү. Ал көрүү аркылуу кабыл алына турган, таасирдүү, бай жана тарбиялык багытта өтө маанилүү каражат болуп эсептелет. Мектептин окуу процесстеринде живописти үйрөтүү аркылуу окуучуларды эстетикалык жактан тарбиялап, алардын көркөм табитин, ойлом системасын жана дүйнө таанымын калыптандыруу мүмкүнчүлүгү жогорулайт.

Ал эми живопистин ролу төмөнкү негизги багыттарда байкалат:

1. Жаратмандык ой жүгүртүүнү калыптандыруу живописти үйрөнүү окуучулардын элестетүү жөндөмүн, чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жана фантазиясын өстүрөт. Окуучу бир образды же көрүнүштү сүрөттөөдө өзүнүн ички дүйнөсүн, ойлорун жана сезимдерин боёк аркылуу билдирет. Бул — баланын дүйнөгө болгон таасирленүүсүн көркөм формада чагылдыруу мүмкүнчүлүгү.

2. Эстетикалык кабыл алуу жөндөмүн өнүктүрүү.

Окуучу живопись чыгармаларын талдап үйрөнгөндө, ал түстөрдүн гармониясы, композициянын түзүлүшү, образдардын мааниси жөнүндө ой жүгүртөт. Бул эстетикалык кабыл алуунун өркүндөшүнө, кооздукту сезүүгө жана таанууга түрткү берет.

3. Көркөм чыгарма аркылуу тарбия берүү.

Живопистик чыгармалар баланын этикалык-моралдык сапаттарын калыптандырууда өзгөчө роль ойнойт. Ар түрдүү сюжеттеги сүрөттөр (эмгекчил адамдар, улуттук каармандар, табият көрүнүштөрү ж.б.) аркылуу окуучу жакшы менен жаманды айырмалоону, эмгекти баалоону, табиятка, тарыхка жана адамдарга болгон мамилени көркөм кабылдайт.

4. Элдик маданияттын өзгөчөлүгүн таануу.

Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн живопистик чыгармалары аркылуу окуучулар улуттук баалуулуктар менен таанышып, тарыхый эстеликтер, каада-салттар, маданий мурастар тууралуу кеңири түшүнүк алышат. Бул улуттук аң-сезимди, мекенчилдик сезимди өстүрөт.

5. Коммуникативдик жана социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү.

Живопись сабактарында окуучулар топ менен иштешип, бири-бирине жардам берип, пикир алышып үйрөнүшөт. Бул алардын социалдык көндүмдөрүнө, өз оюн айтуу жана башкалардын пикирин угуу жөндөмүнө оң таасир берет.

Мугалимдин ролу:

Живописти натыйжалуу үйрөтүү үчүн мугалимдин өзүнүн көркөм табити, кесиптик чеберчилиги жана окуучуга туура багыт көрсөтүү жөндөмү абдан маанилүү. Мугалим сүрөттөрдү жөн гана көрсөтпөстөн, алардын тарыхый, эстетикалык жана идеялык мазмунун окуучуга түшүндүрүп бере билиши керек.

**Материалдар жана изилдөө методдору.** Билим берүү тармагында адамды ар тараптуу өнүктүрүү — башкы максат. Мында окуучулардын интеллектуалдык, адеп-ахлактык, эстетикалык, жаратмандык жактан калыптанышына өзгөчө көңүл бурулат. Айрыкча заманбап коомдо эстетикалык тарбиянын орду чоң. Эстетикалык тарбия — бул окуучунун көркөм

табитин, сулуулукту аңдоо жөндөмүн, искусствого болгон кызыгуусун жана турмуштагы көркөм көрүнүштөргө болгон мамилесин өнүктүрүүчү маанилүү процесс. Ал окуучунун руханий дүйнөсүн байытып, аны ой жүгүртүүгө, көркөм кабылдоого, чыгармачылыкка үндөйт. Эстетикалык тарбиялоонун негизги каражаттарынын бири катары живопись өзгөчө мааниге ээ. Живопись — бул түстөр аркылуу адамдын сезимин, ойлорун жана дүйнөгө болгон мамилесин көркөм чагылдыруучу искусствонун бир түрү. Живопись сабактары окуучунун эстетикалык кабылдоосун, образдык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмүн, эмоциялык дүйнөсүн жана кооздукту таанып-билүү сезимин өнүктүрөт.

Живопись окуучунун айлана-чөйрөгө болгон мамилесин өзгөртөт, табигый жана маданий дүйнөнүн сулуулугун сезүүгө үйрөтөт. Мындай мүмкүнчүлүктөр аркылуу баланын ички дүйнөсү байыйт, кооздукту аңдоо жөндөмү жогорулайт. Сүрөт тартуу процессинде окуучу түстөрдү тандоо, форманы түзүү, композицияны жайгаштыруу сыяктуу элементтер аркылуу өзүнүн эстетикалык дүйнөсүн билдире алат. Ар бир тартылган сүрөт — бул баланын ички дүйнөсүнүн, эмоциясынын жана фантазиясынын көркөм көрүнүшү болуп саналат. Живописьтин таасири менен окуучунун адамдык сапаттары, чыгармачылык көз карашы, көркөм табити жана эстетикалык аң-сезими калыптанат. Окуучулардын эстетикалык табитин калыптандыруунун эффективдүүлүгү төмөнкүдөй болду. Мен иштеген мектепте живопись каражаттары менен эстетикалык сабаттуулукка тарбиялоого таасирин тийгизүүчү бир катар процесстерди эске алууга туура келди.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Сабактын сапаты менен эффективдүүлүгү мугалимдин эмнени билгендигинен гана эмес, ал өз билимин канчалык деңгээлде колдоно алгандыгына дагы жараша болот. Мугалимдин чеберчилиги көп учурда өзүнүн жана башкалардын каталарын анализдей билүүсүнөн көз каранды. Мунсуз педагогикалык чеберчиликке мугалим такыр жетишпейт же кечигип жетишет. Өз ишин анын ичинде сабагын, дайыма өркүндөтүү жаш мугалимдин жетишерлик кыска убакытта мыкты адис болуп калышына мүмкүндүк берет. Өз ишин анализдөө квалификацияны жогорулатуунун эң ишенимдүү жолдорунун бири экендиги тажрыйбадан улам белгилүү.[1,160] Ал эми Сухомлинскийдин «окуу менен тарбиянын бардык мыйзам ченемдүүлүгүн жөнү жок таңуулай бере турган абстракттуу окуучу жок. Бардык окуучуларга окууда ийгиликтерге жеткирүүчү бирдей өбөлгө болбойт. Окуудагы ийгилик деген түшүнүктүн өзү өзүнчө бир салыштырмалуу нерсе: биринде ийгиликтеринин көрсөткүчү «беш», экинчисинде «үч» деген баа да чоң ийгилик болуп эсептелет», - деген сөздөрү бүгүнкү күндө да өтө актуалдуу деп эсептейбиз. Азыр мектептерде сапаттык көрсөткүч деген түшүнүккө таянып алып, окуучуларды жалаң «5» жана «4кe» окутабыз деген ураандар көбөйүп кетти. Мына ушул жерде улуу педагогдун айткандарын билим берүү системасына киргизишибиз керек экендигине ынана баштадык. [2,80]

*Окуу процесси:* сабактар, пленэрлер, факультативдик сабактар, музейлерге баруу.

*Тарбиялык процесс:* Белгилүү чыгармачыл инсандар менен болгон жоолугушуулар, искусствонун тарыхы жана жаңылыктары жөнүндөгү өз ара баарлашуу, дискуссиялар, өз ара баарлашуу, класстык сааттар ж.б.у.с.

*Чыгармачылык процесс:* окуучулардын өз алдынча иштөөсү, көргөзмөлөрдү, класстар аралык көргөзмөлөрдү уюштуруулары, түрдүү шаардык. областык, республикалык көргөзмөлөргө катыштыруу, чыгармачыл мүнөздөгү иш – чараларга катышып туруу ж.б.у.с.

окуучулардын эстетикалык сабаттуулугун калыптандыруунун эффективдүүлүгүн аныктоо максатында жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоо жана алынган дилбаяндын натыйжасында аныкталган маалыматтарды таблицадан байкаңыз.

Окуучуларды живопись аркылуу эстетикалык сабаттуулукка тарбиялоого таасирин тийгизүүчү процесстерди төмөнкү таблицадан караңыз.

*Таблица*

| № | Окуу процесси | | | | Тарбиялык процесс | | | Чыгармачылык процесс | | | | Таланты, аракети |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сабакта | Пленэрде | Музейлерге баруу | Факультативдик сабак | Жоолугушууларда | Өз ара баарлашуу | Класстык саат | Шаардык | Облустук көргөзмөлөр | Чыгармачыл мүнөздөгү иш – чаралар | Класстар аралык | Окуучулардын таланты жана аракеттери |
| | 31% | | | | 23% | | | 37% | | | | 14% |

Таблицадан байкалгандай аталган үч илтик процесстерин окуучулардын эстетикалык тарбиялануусуна тийгизген таасири боюнча жүргүзгөн изилдөөбүздүн натыйжаларына көңүл бурсак, анда окуу процессинен таасирленгендердин саны 31%ды, Тарбиялык процесстен таасирленгендердин саны 23%ды, Ал эми чыгармачылык процесстен таасирленгендердин саны 37%ды, окуучулардын таланты жана мээнеткечтигинен таасирленгендердин саны 14%ды түздү.

**Корутунду.** Живопись каражаттары аркылуу окуучулардын көркөм – эстетикалык сабаттуулугун калыптандыруунун теориялык жана методикалык негиздери изилденди. Бул максатка жетүү үчүн биз көркөм сабаттуулукту калыптандыруунун маанисин, принциптерин жана ыкмаларын изилдеп, учурдагы мектеп практикасындагы көйгөйлөрдү талдадык. Бул изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкү негизги маселелерге көңүл бурулду:

Айтсак живопистик каражаттар менен окуучулардын көркөм – эстетикалык сабаттуулугун калыптандыруудагы ролу иликтенди: Живопись мектеп окуучуларынын көркөм сабаттуулугун калыптандыруунун негизги каражаты экендиги далилиденди. Окуучулардын түрдүү боёкторду пайдаланып, ар кандай түстөрдү чыгармачылык менен чыгарманын композициялык сюжетине жарша колдоно башташы, алардын көлөмдү жана түстүк композицияны айкын өздөштүрө баштагандыгын тастыктады. Демек окуучулардын живопись аркылуу эстетикалык зарыл баалуулуктарынын, чыгармачылыгынын жана көркөм табитинин калыптануусу үчүн зарыл шарттар түзүлдү. Сабактарда живопистик сүрөттөрдү аткаруу ишмердүүлүгү окуучулардын жан дүйнөсүн, элестөөлөрүн жана креативдүүлүгүн ачууга жардам бере тургандыгы белгилүү болду.

Көркөм сабаттуулукту калыптандыруу үчүн ар түрдүү педагогикалык принциптерди жана ыкмаларды колдонуу зарылдыгы байкалды. Окуучулардын эстетикалык сабаттуулугун

өнүктүрүү үчүн системалуу анализ, чыгармачылык иш, жекече мамиле, заманбап технологияларды колдонуу зарылдыгы белгиленди.

Жүргүзүлгөн аналитикалык иштердин натыйжасында жалпы билим берүүчү мектептерде көркөм сабаттуулукту өнүктүрүүгө терс таасирин тийгизген бир катар көйгөйлөр аныкталды. Анын ичинде мугалимдердин адистик деңгээлинин төмөндүгү, көркөм сабактардын жетишсиз убактысы, материалдык-техникалык базанын начардыгы жана окуучулардын кызыгуусунун төмөндүгү ж.б. маселелер. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн билим берүү процесстерин заманбап методдор менен байытуу жана чындап чыгармачылыкка жол ачуу усулдары сунушталды.

Окуучулардын көркөм сабаттуулугун өнүктүрүүдө окуу процессинде окуучуларга жекече педагогикалык мамиле кылуунун модели суштalды. Мугалимдер ар бир окуучунун психологиялык жана жаш өзгөчөлүктөрүн жана чыгармачылык дараметин эске алуу менен сабактарды уюштурушу керек. Мындай мамиле балдардын өзүн-өзү көрсөтүүсүнө жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жардам берет.

Живопись сабактарында заманбап технологияларды колдонуу окуучулардын кызыгуусун жана чыгармачылыгын арттырат. Санарип сүрөт программалары, интерактивдүү такталар жана мультимедиялык материалдар окуучулардын эстетикумдукту кабыл алуу процесстерин жеңилдетет жана заманбап искусство дүйнөсүнө кирүү мүмкүнчүлүгүн түзөт.

**Адабияттар**


1. Бекбоев И.,Алимбеков А., Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн. – Б.: Улуу Тоолор, 2021. 192 б.
2. Адылбек Батыралиев “Педагогика” Жогорку жана орто окуу жайларынын педагогикалык адистиктеринин студенттери, магистранттары үчүн окуу куралы. Ош.2023.
3. Эшбаев М. Э. Сүрөт искусствосу боюнча терминдердин кыскача түшүндүрмө сөздүгү. Ош. 2020-ж.
4. Гончаров А.А. Көркөм искусствонун педагогикасы. Санкт-Петербург, 2005.
5. Педагогикалык изденүү А.Аманашвили, П 24 С. Н.Лысенкова, И.П.Волков, ж.б. Сөз башын жазган М.Н. Скаткин; Түз. И.Н.Баженова; котор. И.Бекбоев, А.Андашев, А. Ибраев.-Ф: мектеп, 1989.-608 б.
6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Көркөм билим берүү программасы. Бишкек, 2022.
7. Лебедев А.А. Сүрөт тартуу методикасы. Москва, 2010.
8. Байджуманов, Х. Пейзаж как вид живописи / Х. Байджуманов // Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология. – 2023. – № 2(2). – С. 41-45. – DOI 10.52754/16948823_2023_2(2)_7. – EDN NVRLGK.
9. Ысмайылов, М. З. Ош облусундагы көркөм сүрөт өнөрүнүн өнүгүү тарыхы / М. З. Ысмайылов, М. Л. Мамазаиров, К. Ж. Мамарайимов // Вестник Ошского

государственного университета. – 2022. – No. 2. – P. 207-213. – DOI 10.52754/16947452_2022_2_207. – EDN KOWRUR.

10. Курбанбаев, К. А. Кыргыз элинин көркөм сүрөт искусствосу / К. А. Курбанбаев, А. М. Ахмеджанова, Д. А. Ыразаков // Вестник Ошского государственного университета. – 2020. – No. 1-3. – P. 290-294. – EDN GOMAWD.
11. Курбанбаев, К. А. Мораль менен искусствонун өз ара байланышы / К. А. Курбанбаев, А. М. Ахмеджанова // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 1, No. 3. – P. 252-258. – DOI 10.52754/16947452_2021_1_3_252. – EDN NXLZCN.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(5)/2025, 90-95

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 37.015**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_1(5)_13

# МУЗЫКА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯНЫН АЧКЫЧЫ КАТАРЫ

## МУЗЫКА КАК КЛЮЧ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ

## MUSIC AS THE KEY TO AESTHETIC EDUCATION

**Итигулова Ж.К.**
*Итигулова Ж.К.*
*Itigulova Zh.K.*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr., Associate Professor, Osh State University*

---

**Сабирова Самара**
*Сабирова Самара*
*Sabirova Samara*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# МУЗЫКА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯНЫН АЧКЫЧЫ КАТАРЫ

**Аннотация**

Билим берүүнүн музыка менен айкалышы адамды жакшылыкка, сабырдуулукка, коопдукка, адамгерчиликке тартуунун эң ыңгайлуу каражаты болуп саналат. Адам музыканы угуп, жан дүйнөсү тазарат, жашоого умтулат, алдына келечек максат коет. Музыка аркылуу адамда курчап турган дүйнөдөгү гана эмес, өзүндөгү ажайып, эң сонун нерселер жөнүндөгү ойлору, түшүнүгү ойгонот.

***Ачкыч сөздөр:*** классикалык музыка, эстетикалык тарбия, эстетикалык табит, рухий дөөлөттөр

## *МУЗЫКА КАК КЛЮЧ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ*

**Аннотация**

Соединение образования с музыкой является наиболее удобным средством для привлечения человека к добру, терпению, красоте и человечности. Человек, слушая музыку, очищает свою душу, стремится к жизни и ставит перед собой будущие цели. Через музыку в человеке пробуждаются мысли и понимание не только об окружающем мире, но и о чудесных и прекрасных вещах внутри себя.

***Ключевые слова:*** классическая музыка, эстетическое воспитание, эстетический вкус, духовные ценности

## *MUSIC AS THE KEY TO AESTHETIC EDUCATION*

**Abstract**

The integration of education with music is the most effective means of guiding individuals toward goodness, patience, beauty, and humanity. By listening to music, a person purifies their soul, aspires to live meaningfully, and sets future goals. Through music, individuals awaken thoughts and understanding not only about the world around them but also about the wonderful and beautiful things within themselves.

***Keywords:*** classical music, aesthetic education, aesthetic taste, spiritual values

Классикалык музыка (лат. classicus - үлгүлүү) - ар бир калктын, алардын ичинен дүйнөлүк музыкалык маданияттын алтын казынасына айланган үлгүлүү, классикалык чыгарма, бардык мезгилде идеянын мазмуну жана көркөмдүк даражасы эң жогору бааланган атактуу композиторлордун өткөн доорлордогу чыгарган музыкалык мурастары.[1] Ошондой эле совет мезгилинде жазылган чындык турмушту, терең мазмунду, көркөм касиетти бийик чагылдырган чыгармалар дагы классикалык музыка казынасына кирет.

Классикалык музыкалык чыгармалар адамзаттын адамгерчилик жана агартуучулук башкы идеяларынын туундулары болуп келген. Арийне, ар бир элдин тарыхый тагдырына байланыштуу классикалык музыка кайсы бир элде эрте, экинчи бир элде кеч пайда болгон. Мисалы, Грецияда б. з. ч. V-кылымда, Римде I-кылымда, Орто Азия жана Чыгышта IX- XII-кылымдарда өнүккөн.

Уюткулуу түптүү элибиздин дагы турмушун музыка менен тыгыз байланышта десек жаңылышпайбыз. Окутуп, тарбиялоонун музыка менен айкалышы адамды жакшылыкка, кооздукка, адамгерчиликке тартуунун эң керемет, эң чебер каражаты болуп саналат. Адам музыканы угуп, жан дүйнөсү тазарат, жашоого умтулат, алдына келечек максат коет. Музыка аркылуу адамда курчап турган дүйнөдөгү гана эмес, өзүндөгү ажайып, тендешсиз, эң сонун нерселер жөнүндөгү түшүнүгү ойгонот. Музыка–бул ойдун кубаттуу булагы. Анткени, музыкасыз баланын акыл-эсинин толук кандуу өнүгүшү мүмкүн эмес. Музыка –адамдын ойлоосу гана эмес, анын айта турган сөзү, коргонуучу куралы да болуп эсептелет [7; 8].

Баланын бала чагы оюнсуз, жомоксуз өтүүгө мүмкүн болбогон сыяктуу эле, музыкасыз да болушу мүмкүн эмес. Музыка-бул тарбиячы менен балдардын ортосундагы (эне-бала, мугалим-бала) рухий байланышты пайда кылган эн ыңгайлуу чөйрө. Балдардын рухий өнүгүү чөйрөсүндө музыканын ролу өтө чоң. Анткени, айрыкча өспүрүмдөрдү тарбиялоодо жөнөкөй кенеш берүүчү сөздү, кара сөз менен айтканга караганда, музыка менен коштоп айтсан, ал өзгөчө тез таасир этет. Ал адамдын нравалык, эмоционалдык жана эстетикалык чөйрөсүн бириктирет.

Музыка-сезимдин тили. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сөз жете албаган эң терен, эң назик жерине музыка жетет. Музыка менен ыр –окуу предмети гана эмес, ал тарбиялоо куралы дагы болоору баарыбызга белгилүү. Музыка сабагы инсандын ар тараптан өнүгүп жетилүүсүнун эң күчтүү каражаты. Музыкалык тарбия адам баласына ар түрдүү тармактар аркылуу берилет, адам коомунун өнүгүшүндөгү ар түрдүү багыттагы көркөм искусствонун булактары аркылуу музыкалык тарбия жүрөт.

Баланын инсандык сапаттарынын калыптанышы анын акылы, денесинин, адебинин, ыйманынын жалпы айкашы аркылуу жүрөт, жана музыкалык билим, тарбиянын туура уюштурушу бул нерсеге себеп болот. Эстетикалык жактан туура тарбиялоо аркылуу балдар сулуулукту сезип, түшүнүшүп, жаман-жакшыны айырмалашып, искусствонун тармактарын өздөштүрүшүп, өз алдынчалыкка, жоопкерчиликке, аяр мамиле жасоого үйрөнүшөт. Балада эстетикалык табиттин калыптанышына музыкалык тарбиянын мааниси абдан чоң. [5]

Музыка балдарды толкунданууга, ой жүгүртүүсүнүн терендешине, жоопкерчилик реакциясынын пайда болушуна, жашоону сүйүп жашоого үйрөтөт. Ошондой эле музыкалык түрдүү ыргактар баланы кубандырып, дем берип, боорукерликке тарбиялайт. Музыка адам баласынын жашоосунун эң маанилүү бөлүгү десек жаңылыштык болбойт, анткени бала

жарык дүйнөгө келери менен музыка менен байланышта чоңоет. Эненин алдей ыры аркылуу бала тынчтанат, үндөрдү ажыратат, эне менен эмоционалдык жакындык түзөт. Тай-тай ырлары, бешик ырлары, санат ырлары турмушта балдарга эрте жаш курагында жүргүзүлөт. Ар бир куракка өткөн сайын бала музыкалык жактан бир тепкич көтөрүлүп, өнүгө баштайт. Албетте, бул жерде улуу муундардын түзгөн шарттары чоң мааниге ээ. Эстетикалык табити жогору бала эч качан коомго зыян келтирбейт, бирөөнү кемсинтпейт, өзүнө туура баа берип, кылган ишине жооп бере алат, өз көз карашы бар инсан болот. Тил менен жеткизе албаган таасирлерди музыка балдарга оңой, жеткиликтүү түшүндүрө алышы мүмкүн.

Оюн, бий, ыр, хор аркылуу балдарды эгоист сезимдерден арылтат. Балдардын жөндөмү, шыктануусу да музыкалык өнүгүүсүнө байланыштуу өнүгөт. Ал эми балдардын музыкалык инструменттерди өздөштүрүүсү аларды чыдамкайлыкка, сабырдуулукка, туруктуулукка, ой-жүгүртүүгө, реакциянын тездигине жана тартипке тарбиялайт. Булардын баардыгы балдарда токтоолукту, эрктүүлүктү, күчтүүлүктү пайда кылат. Демек, музыкалык тарбия балдарда маданияттуулуктун негиздерин, адептик сапаттарды жаратат. Мектептеги музыкалык тарбиялоо, окутуу процессинин маданияты ошол мектепте канчалык денгээлде музыкалык өнүгүүнүн ченеми бардыгына байланыштуу байкалат.

Музыкалык билим берүү менен балдарда акыл, сезим, адеп, боорукердик ойгонот .[3] Музыканы кабыл алуу аркылуу балдардын эске тутуусу, байкоосу, ой-жүгүртүүсү акыл процесстери да кошо өнүгөт. Искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле музыка да маалыматты так, таамай жеткире алат. Алсак, Мекен, жеңиш жөнүндөгү ырлар аркылуу балдар ырдын салтанаттуу демин, Мекенин данктаган кубанычты сезип, патриоттуулукка тарбияланышат. Музыка аркылуу баланын эстетикалык табитин өнүктүрүүдө чыгармачылык менен иш жүргүзгөн музыкалык адистердин орду өтө чоң, анткени алар баланын кабыл алуусун жана элестетүүсүн активдештирип, фантазиясын өстүрүп, андан ары талантынын өнүгүшүнө жол ачат. Ал эми бийлер, пантомимика, музыкалык-драмалык оюндар балдарды кыймыл, мимика, сөз аркылуу турмушту сүрөттөп, чыгармадагы оң, терс каармандын образын таанууга үйрөтөт. Музыка аркылуу балдар фантазияга, чыгармачылыкка багыттаган шыктанууга ээ болушат. [1, с. 50]

“Ким жан дүйнөсүнө музыканы алып жүрбөсө, татына гармонияга муздак мамиледе болсо, ал жалганчы боло алат,”-деген В.Шекспир. В.А.Сухомлинскийдин ырастоолоруна караганда: «Китеп окууга жана музыкага кызыкпаган, аларга такыр көңүл бөлбөгөн балдардын рухий деңгээли төмөн болот, андай балдар арасында кылмыштуулук жогору». Д.Кабалевский музыка жөнүндө: “Музыка адамдын жашоосунда кошумча эмес, ал жашоонун өзү. Адам музыканы канчалык көп угуп, өзү тынымсыз кыньлдап ырдап жүрсө гана, анын бүт инсандык сапаттары өсүп, шык таланттары ойгонот”, - деген [4].

Эстетикалык тарбиялоо – көркөм өнөр чыгармалары менен жаратылыштагы, жашоодогу сулуулукту сезип, туюп, кабылдап, түшүнүп, адамдын үлгү идеалдарын, табитин кайсы бир максатка ылайык калыптандыруу боюнча жүргүзүлүүчү иштер. Байыркы Грецияда эстетикалык тарбиянын эң күчтүү булагы деп музыканы атаган. Көрүнүктүү грек философу Аристотель да бул ойго кошулуп, ага адабият менен театрды да кошууну сунуш кылган. Тарыхта эстетикалык тарбиянын өнүгүшү жөнүндө ар түрдүү түшүнүктөр жаралган. Демек, эстетикалык тарбия өзү менен кошо ыйман-адептик, укуктук, патриоттук, саясий, экологиялык, эл аралык бирикмелик, көркөмдүк, эмгектик тарбиялоонун турлөрү менен

бирдикте өнүгөт. Жаратылышка аяр мамиле кылуу, сулуулукту баалоо, сактоо, урматтоо, руханий бийиктик эстетикалык табити жогору инсанга гана тиешелүү сапаттар болуп эсептелет.

Эстетикалык тарбия билим берүү системасынын бардык тармактарында үзгүлтүксүз жүргүзүлүүгө тийиш. Ошондо гана көркөм адабият, сүрөт, музыка, кол өнөрчүлүк сыяктуу эстетикалык циклдеги сабактар, туристтик-экскурсиялык жүрүштөр, концерттер, спектаклдер, ийримдер, ата-эне, коомчулук, бүт айлана-чөйрө балага оң таасир эткенде гана эстетикалык тарбиялоо өз үзүрүн көрсөтөт. Эстетикалык тарбияга ээ адам ыймандуу, маданияттуу, билимдүү болот, алар ааламдын кооздугун өнүктүрүүгө түрткү берип, чөйрөгө оң таасирин тийгизет.

Эстетикалык маданиятты калыптандыруунун бирден-бир каражаты катары көркөм өнөр, сүрөт, музыка, адабият менен театр, музыкалык обондор, музыкалык аспаптар эсептелет. Инсанды калыптандыруунун, анын граждандык жана адеп-ахлак сапаттарын ойготууга улуу педагог

К.Д. Ушинский эстетикалык тарбия берүү принциптерин сунуш кылган. Мугалимдердин жана ата-энелердин башкы милдети – окуучуларды кичинесинен эле тышкы чөйрөдөгү, жаратылыштагы кооздуктарды көрө жана туя билип, кабыл алууга үйрөтүү керектигин белгилеген.

Музыка аркылуу тарбия берүүдөгү негизги максат- адамды музыка аркылуу кооздукту сезе билүүгө тарбиялоо, биринчи кезекте баланын инсан болуп калыптануусуна багыт берүү. Музыкалык тарбия берүү баланын көркөм дүйнөгө болгон көз карашынын, башкача айтканда эстетикалык маданиятынын фундаменти болуп саналат. Мектеп курагы баланын инсан болуп калыптанышынын эң маанилүү мезгили, бул учур балдардын ар нерсеге болгон кызыгуусун, чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандыруучу учур жана анын андан ары өнүгүүсүнө жол ачат. Музыкалык тарбия берүү аркылуу балдардын руханий жактан гана эмес, дене-бой жактан да туура калыптанып, өсүп-өнүгүшүнө шарт түзүлүп, ошону менен бирге психикалык процесстерге көңүл буруусу, эске тутуусу, кабыл алуусу, ойлоосу, эс тутуму туура өнүгөт. [4; 9; 10; 11; 12]

Музыкалык билим берүү аркылуу улуттук баалуулуктарыбызды сыйлоого, сактоого, сулуулукка, толеранттуулукка балдарды үйрөтө алабыз. Мектепте, бала-бакчада балдардын музыкалык маданиятынын калыптандыруу убагында образдуулукка, анын адептик күчүнө, музыкалык жөндөмдөрдүн өнүгүшүнө, дүйнөлүк искусство жөнүндө маалыматтарга ээ болуусуна, музыканын тарыхы, маданияты менен эстетикалык тарбиясын калыптандырып, аң-сезимине сиңирүүгө аракет кылышыбыз керек. [2]

“Музыка” предметинин максатында белгиленгендей балдардын ааламды, көркөм дүйнөнүн сулуулугун, эмоциялык чөйрөсүн, музыкалык чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, руханий адептик тарбиясын, эстетикалык табитин музыкалык тарбия аркылуу гана калыпка сала алабыз. [6] Эстетикалык тарбияга толук кандуу ээ болгон инсан гана өз тилин, дилин жат билип, сактап коргойт, маданиятын, тарыхын өздөштүрүп, ал элдин өкүлдөрүнө сый урмат, маданий баалуулуктарына аяр мамиле жасайт. Өзүнүн кылган иш-аракети менен айлана-чөйрөдөгүлөргө тоскоол болбой, жагымсыз кырдаал жаратпоого аракеттенет.

**Адабияттар**


1. Махмутов М.И. Проблемное обучение: Основные вопросы теории / М. И. Махмутов. - Москва : Педагогика, 1975. - 367 с.
2. Давыдов В.В. Теория развивающего обучения. / В. В. Давыдов. - М.: «Интор», 1996. - 46 с.
3. Сухомлинский В.А. Тарбия жөнүндө. - Бишкек: “Мектеп” басмасы, 1985. - 268 с.
4. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү. “Балалык” программасына методикалык сунуштар. - Б.: Аркус, 2017. - 352 с.
5. Бекембай Апыш. Тарбия назарияты / Апыш Бекембай. - Ош, 1996. - 138-б.
6. КР берүү жана илим министрлиги музыка жалпы билим берүү уюмдарынын V-VIIкласстар үчүн предметтик стандарт. - Бишкек, 2018.- 22-б.
7. Осмоналиев, Э. А. Азыркы заманбап музыканын жаштарга тийгизген таасири / Э. А. Осмоналиев, Г. А. Абдувапова // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2023. – No. 2(2). – P. 53-61. – DOI 10.52754/16948823_2023_2(2)_9. – EDN LBEXCE.
8. Арапов, А. Р. Заманбап маданияттагы массалык музыканын ролу / А. Р. Арапов, Г. Т. Маматалиева // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2024. – No. 1(3). – P. 46-52. – DOI 10.52754/16948823_2024_1(3)_7. – EDN OVBGHA.
9. Козубаев, О. О. Проблемы духовности в современной музыке / О. О. Козубаев, Д. А. Ыразаков, Н. Н. Камбарова // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – № 1. – С. 170-178. – DOI 10.52754/16948610_2023_1_21. – EDN XIKOTG.
10. Иметов, Б. Жолболду Алибаев - нукура элдик маданияттын улантуучусу / Б. Иметов, Н. А. Дамилова, Г. Ормонова // Вестник Ошского государственного университета. – 2024. – No. 1. – P. 173-184. – DOI 10.52754/16948610_2024_1_16. – EDN TJJAUX.
11. Абдимиталип Уулу, Н. “Диван Лугат ат-түрктө” кездешкен музыкалык терминдер / Н. Абдимиталип Уулу, Ш. Ж. Жапаралиев // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология. – 2023. – No. 1(1). – P. 1-11. – DOI 10.52754/16948874_2023_1(1)_1. – EDN BYYETN.
12. Арапов, А. Р. музыканын негизги функциялары / А. Р. Арапов, А. Калил Уулу // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология. – 2024. – No. 1(3). – P. 19-24. – DOI 10.52754/16948823_2024_1(3)_3. – EDN DARXGU.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(5)/2025, 96-101

***КУЛЬТУРОЛОГИЯ***

**УДК: 37.015**
**DOI:** 10.52754/16948823_2025_1(5)_14

# ЭТНОПЕДАГОГИКА – БААЛУУЛУК

## ЭТНОПЕДАГОГИКА – ЦЕННОСТЬ

## ETHNOPEDAGOGY – A VALUE

**Итигулова Ж.К.**
*Итигулова Ж.К.*
*Itigulova Zh.K.*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Dr., Associate Professor, Osh State University*

**Сабирова Самара**
*Сабирова Самара*
*Sabirova Samara*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# ЭТНОПЕДАГОГИКА – БААЛУУЛУК

**Аннотация**

Г.Н. Волков: "Эң күчтүү, эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика-элдик педагогика. Ал эми тарбиячылардын мыктысы-эл". К.Д. Ушинский: «Элдик педагогика эл менен төрөлгөн, эл менен кошо өнүккөн, элдин баардык тарыхын, анын жакшы жана жаман сапаттарын чагылдырган. Бул бир муунду экинчи муунга алмаштыруудагы маанилүү кыртыш. Аны такай азыктандырып, жакшыртып, талапка ылайыкташтырып туруу керек... Элдик педагогиканын генийлиги менен эч ким атаандаша албайт». Этнопедагогиканын негизги булагы катары элдик фольклордук чыгармаларды белгилөө менен анын тарбиялык, билим берүүчүлүк жана өркүндөтүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүнүн тереңдигин баалай билишибиз зарыл.

***Ачкыч сөздөр:*** этнопедагогика, рухий дөөлөттөр, педагог, тарбия

## *ЭТНОПЕДАГОГИКА – ЦЕННОСТЬ*

**Аннотация**

Г.Н. Волков: «Самая мощная, самая действенная, самая надежная педагогика – это народная педагогика. А лучшие воспитатели – это сам народ». К.Д. Ушинский: «Народная педагогика родилась вместе с народом, развивалась вместе с ним, отражая всю его историю, его достоинства и недостатки. Это важный пласт, обеспечивающий смену одного поколения другим. Его необходимо постоянно наполнять, совершенствовать и адаптировать к требованиям времени… Гениальность народной педагогики непревзойденна». Отмечая народные фольклорные произведения как основной источник этнопедагогики, мы должны осознавать глубину их воспитательного, образовательного и развивающего потенциала.

***Ключевые слова:*** этнопедагогика, духовныеценности, педагог, воспитание

## *ETHNOPEDAGOGY – A VALUE*

**Abstract**

G.N. Volkov: "The most powerful, most effective, and most reliable pedagogy is folk pedagogy. And the best educators are the people themselves." K. D. Ushinsky: "Folk pedagogy was born with the people, developed alongside them, and reflects their entire history, both good and bad. It is an essential layer that ensures the transition from one generation to another. It must be constantly enriched, improved, and adapted to the demands of time… The genius of folk pedagogy is unmatched". Recognizing folk folklore as the primary source of ethnopedagogy, we must appreciate the depth of its educational, instructional, and developmental potential.

***Keywords:*** ethno pedagogy, spiritual values, upbringing, educator

Педагог - (гр. paidagogos –тарбиялоочу) – жалпы билим берүүчү мектептин мугалими, кесиптик-техникалык, атайын орто же жогорку окуу жайынын окутуучусу, мектепке чейинки мекемелерде, мектеп интернатта, балдар үйүндө, тарбиялоо колонияларында тарбиячы, мектептен тышкаркы жана башка уюмдардын кызматкери, педагог илими боюнча илимий кызматкер жана башкалар.

Педагогика деген сөз ал илимдин өзүнө караганда алда канча мурда пайда болгон. Байыркы Грецияда педагог деп мугалимди эмес, балдарды мектепке жеткирип, кайра алып келүүчү кулду эсептешкен. Бара-бара мааниси жаңыланып, кийинчерээк педагогика термини баланын дене бою менен акыл көрөңгөсүнүн өнүгүшүнө туура багыт берүү, аны турмуштун туура жолуна салуу өнөрү катары колдонула баштаган. Күндөлүк турмуш сабактарынан жана айрым ойчул адамдар тарабынан таалим-тарбия ишине байланыштуу терең ойлордун арбын топтолушу, аларды жалпылоо, ырааттуу, максаттуу өнүктүрүү иштерин аркалаган педагогика илиминин пайда болушу зарылдыгын шарттаган. Байыркы Грек, Рим, Византия жана Чыгыш философтору Платон, Аристотель, Паутарх, Гераклит, Селена Квинтиллиан, Варлаам, Ионна Демоскина, Авицена, Конфуций, ошондой эле Орто кылым ойчулдары Ж. Баласагын, М. Кашгари жана башкалар мурастарынан таалим-тарбия темасындагы баа жеткис акыл кеңештерди табууга болот [1; 8; 11; 12].

Учурда адамзат “адамча” жашоодон кыйналууда, анткени адамдын көйгөйлөрү көбөйүп баратат. Эгерде адамзат башына келген көйгөйлүү абалдан кутулгусу келсе, ал проблемалар биздин финансы-экономикалык маселеде гана эмес, адамзаттын адептик-рухий абалында экендигин түшүнүү керек, демек көйгөйлөрдүн көптүгү адамзаттын рухий жана ыймандык байлыкка жардылыгында десек жаңылыштык болбойт. Ар бир инсан үчүн эле эмес, жалпы коом үчүн рухий өнүгүү, таалим –тарбия, тартип зарыл маселе, андыктан ата-бабалардын тарбиялык системасын (этнопедагогиканы) азыркы илимдердин жаңылыктары (педагогика, психология ж.б) менен интеграциялоо керек экендиги практикалык турмуш ырастоодо.

Эгерде балдар Ата Мекендин, улуттун, ата-эненин, үй-бүлөнүн алдындагы милдетин, адептик-рухий тарбиянын наркын жаштайынан билип чоңойсо, мүмкүн ошол билимдер көйгөйлөрдү азайтмак, ал өлкөбүздүн чыныгы байлыгы болмок. Балким, коомчулуктагы трайбализмдин, коррупциянын, кылмыштуулуктун ж.б. тамырын кыркып, таза коом түзүлмөк. Мурда бардык акылмандардын башын оорутуп келген көйгөйлөр: канткенде ата-бабаларыбыздын баалуулуктарын сактап калабыз, кантип ыймандуу коом түзөбүз, канткенде баланы адамча жашаганга үйрөтөбүз, – деген маселе турган болсо, бүгүн бардык педагогдордун башын оорутуп келген маселе – аны кайсы жол, кандай усул менен, кайсы идеологиянын негизинде ишке ашырабыз,-деген жаңы маселе турат.

Тарбиялык маселелерге жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүктөн, окуучулардын тартиби улам начарлап, тартипсиздик, мыкаачылык, кайдыгерлик күчөп баратат, бирок, бул маселе кыргыз элинде эле эмес, дүйнөлүк билим берүү системасын камтыды. Азыр Германиянын саясий ишмерлери, педагогдору мектепти эрте интернетке байланыштырганына өкүнүшөт, алардын пикири боюнча: биринчи таалим-тарбия берип, мүмкүн болушунча интернетке кеч байланыштырсак болмок, – деген жыйынтыкка келишкен. Интернетке эрте киргизүүнүн натыйжасында окуучулардын маданияттуулугу төмөндөп, рухий кризис күчөгөн белгилешет.

